USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР
КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ
ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ
БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

ЖАРАНДЫК ЖИГЕРДЕШТИРҮҮ ФОНДУСУ

# Жергиликтүү деңгээлдеги программалык документтерде бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу жаатындагы милдеттердин жана чаралардын аткарылышын баалоо жана көзөмөлдөө боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн

# УСУЛДУК КОЛДОНМО



Бишкек-2023

Жергиликтүү деңгээлдеги программалык документтерде бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу жаатындагы милдеттердин жана чаралардын аткарылышын баалоо жана көзөмөлдөө боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн **Усулдук колдонмо.**

**Түзүүчүлөр:** "Жарандык жигердештирүү" КФ, Качикеева Бакыта, Акулова Салия.

"Жарандык жигердештирүү" коомдук фонду USAIDдин "Ийгиликтүү аймак 2" долбоорунун алкагында Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жаатындагы милдеттердин жана чаралардын аткарылышын баалоо жана көзөмөлдөө боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн ушул колдонмону иштеп чыкты.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча чараларга парламенттик көзөмөл жүргүзүү боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарына көмөк көрсөтүү Усулдук колдонмонун негизги максаты болуп саналат.

Үй-бүлөлүк зомбулук маселелери буга чейин бир катар башка колдонмолордо жана окуу китептеринде жетиштүү түрдө ачылып берилгенине карабастан, бул колдонмо кыйла кеңири, туруктуу түрдө изилденип жана өнүгүп келе жаткан теманы козгойт. Ошондуктан, колдонмонун авторлору учурдагы басылмаларда баяндалган маалыматтарды кайталабаганга аракет кылышты. Мындай ыкма кайталап калуудан алыс болуп, ушул Колдонмонун башкаларга салыштырмалуу чакан көлөмүн сактап калды. Авторлор ушул Колдонмо менен иштөөдө аны менен гана чектелип калбастан, үй-бүлөлүк зомбулук маселелери жана ЖӨБОнун бул чөйрөдөгү иши боюнча башка бардык колдонмолорго жана окуу китептерине кайрылууну сунуш кылышат. Ченемдик-укуктук актылардын, ошондой эле колдонмолордун жана окуу китептеринин так аталышы үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу жана алдын алуу чөйрөсүндө ЖӨБ органдары үчүн сунуш кылынган ченемдик актылардын, программалардын жана колдонмолордун тизмегинде көрсөтүлгөн, аларды сиз ушул Колдонмонун аягында таба аласыз.

Ишке ашырылып жаткан чаралардын туруктуулугу жана бардык кызыкдар тараптарды үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү процессине жигердүү тартуу үчүн биз бул документти бардык муниципалитеттерге баалуу усулдук колдоо катары сунуштайбыз.

Бул басылма Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып жаткан USAIDдин "Ийгиликтүү аймак 2" долбоорунун алкагында АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашты. Мазмуну үчүн жоопкерчиликти "Жарандык жигердештирүү" коомдук фонду алат жана ал сөзсүз түрдө эле USAIDдин же АКШ өкмөтүнүн көз карашын чагылдырбайт.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР
КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ
ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ
БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ӨНУКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

ЖАРАНДЫК ЖИГЕРДЕШТИРҮҮ ФОНДУСУ

# Жергиликтүү деңгээлдеги программалык документтерде бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу жаатындагы милдеттердин жана чаралардын аткарылышын баалоо жана көзөмөлдөө боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн

# УСУЛДУК КОЛДОНМО

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2023-ж. 15-июну № 176 Бишкек ш.

**“Жергиликтүү деңгээлдеги программалык документтерде бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу жаатындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын милдеттеринин жана чараларынын аткарылышын баалоо жана көзөмөлдөө боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн Усулдук колдонмону” бекитүү жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 22-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги жөнүндө Жобону жетекчиликке алуу менен Агенттик, Америка Кошмо Штаттарынын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID), Саясатты өнүктүрүү институту жана “Жарандык катышуу” Фонду менен биргеликте “Ийгиликтүү аймак 2” долбоорунун негизинде иштеп чыккан “Жергиликтүү деңгээлдеги программалык документтерде бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу жаатындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын милдеттеринин жана чараларынын аткарылышын баалоо жана көзөмөлдөө боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн Усулдук колдонмону” бекитүү максатында, **буйрук кылам:**

1. “Жергиликтүү деңгээлдеги программалык документтерде бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу жаатындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын милдеттеринин жана чараларынын аткарылышын баалоо жана көзөмөлдөө боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн Усулдук колдонмо” (мындан ары - Усулдук колдонмо) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын координациялоо жана колдоо бөлүмү Усулдук колдонмону жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жайылтууну камсыз кылсын.

3. Агенттиктин Түндүк жана Түштүк аймактар аралык башкармалыктары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында пландуу мониторинг өткөрүү учурунда Усулдук колдонмонун колдонулуусуна текшерүү жүргүзсүн жана ар бир кварталдын отчеттук мезгилинен кийинки айдын 5-числосунан кечиктирбестен Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын координациялоо жана колдоо бөлүмүнө маалыматтар жөнөтүлсүн.

4. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Агенттиктин директорунун орун басары М.К. Байдылдаевге жүктөлсүн.

**Директор** **У.К. Карыпбеков**

## МАЗМУНУ

Глоссарий ........ 5

1. Кириш сөз ........ 7

2. ЖӨБдүн аткаруу органынын үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин жана чаралардын талаптагыдай аткаруусуна депутаттык көзөмөл (баалоо жана баалоодон кийинки иштер) ........ 8

3. Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун алдын алуу маселелерин камтыган улуттук мыйзамдарга, улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги стратегиялык программаларга сереп ........ 11

4. 1-таблица менен иштөө боюнча нускама ........ 12

5. Улуттук мыйзамдарда жана программаларда бекитилген милдеттерге жана чараларга ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу жергиликтүү программаларда жана иш-чаралар пландарында бар болгонун аныктоо үчүн талдоо аспабы (мисалдар менен) ........ 14

6. 3-таблица менен иштөө боюнча нускама (бош графа) ........ 20

7. “Светофор” аспабын колдонуу боюнча нускама ........ 23

8. Баалоонун жыйынтыгын чыгаруу жана Аналитикалык катты жазуу ........ 24

9. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча маселе жергиликтүү программаларда жана иш-чаралар пландарында бар болгонун аныктап, аларды ЖӨБдүн аткаруу органдары иш жүзүндө кантип аткарып жатканын баалоо үчүн талдоо аспабы ... 25

10. Тиркемелер ........ 35

1-тиркеме. Баалоонун жана баалоодон кийинки иштердин (көзөмөлдүн) усулдары ........ 35

2-тиркеме. Баарлашуу жана маектешүү үчүн респонденттердин сунушталган тизмеси .... 37

3-тиркеме. Аналитикалык каттын форматы ........ 37

4-тиркеме. 4-таблица (толтурулган, мисалдар менен) ........ 41

11. Үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу жана алдын алуу чөйрөсүндө ЖӨБ органдары үчүн сунуш кылынган ченемдик актылардын, программалардын жана колдонмолордун тизмеги ........ 50

## Глоссарий

**Жергиликтүү маанидеги маселелер (ЖММ)** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан жарандардын тикелей эрк-ниетин билдирүү жолу менен чечилүүчү, тиешелүү аймактагы калктын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу маселелери.

**Жарандык коом** – жалпы идеалдарды жана баалуулуктарды жайылтуу максатында ар кандай ролду ойногон жана коомдук турмушка катышкан түрдүү мамлекеттик эмес субъекттердин, жамааттардын, формалдуу же бейформал бирикмелердин жыйындысы.

**Депутаттык суроо-талап** – бул депутаттын алдын ала же жергиликтүү кеңештин сессиясында жергиликтүү кеңештин төрагасына, төраганын орун басарына, жергиликтүү кеңештин комиссияларына, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине, менчигинин түрүнө карабастан, жергиликтүү кеңештин аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерине, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына, анын орун басарына, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын бөлүмдөрүнүн, башкармаларынын жана башка кызматтарынын жетекчилерине билдирген маселени чечүү, коомдук мааниге ээ болгон жана жергиликтүү кеңештин тескөөсүнө кирген маселелер боюнча расмий түшүндүрмө берүү же көз карашын баяндоо талабы.

**Басмырлоо** – бул расасына, түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка ишенимдерине, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк абалына, туулгандыгына же башка жагдайларга карап, ошол белгилердин негизинде ар кандай түрдө айырмалоо, четтетүү, чектөө же артыкчылык берүү, ал бардык адамдардын бирдей негизде бардык укуктары менен эркиндиктерин колдонуусун, ишке ашыруусун кемсинтип, бул укуктарды таанытбоо, же жок кылуу максатын көздөйт.

**Компетенция** – мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын юридикалык жактан белгиленген укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет** (мындан ары – Комитет) – үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга, аялдардын, балдардын, улгайган жана аракетке жөндөмсүз жарандардын укуктарына байланыштуу маселелер боюнча өз ара аракеттенүү жана кызматташуу үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнөн (үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын субъекттеринен), жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнөн жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн коомдук башталышта түзүлгөн, туруктуу иштеген коллегиалдуу орган. Комитеттин негизги максаты – үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун, үй-бүлөдөгү аялдардын жана кыздардын укуктарынын бузулушунун алдын алууга көмөктөшүү.[1]

**Үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу** – үй-бүлөдөгү зомбулукту токтотууга, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын өмүрүн, ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын сактоону камсыз кылууга багытталган чаралар.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу (профилактика)** – үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттери тарабынан жүзөгө ашырылуучу, үй-бүлөлүк зомбулук жасоо кооптуулугун жарата турган себептерди жана шарттарды табууга, четтетүүгө багытталуучу социалдык, укуктук, медициналык, психологиялык, агартуучулук, маалыматтык жана башка чаралардын системасы.

**Шаарды/айылдык аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы** – милдеттер, ишке ашыруу мөөнөттөрү, аткаруучулар жана ресурстар боюнча өз ара байланыштагы жана шаарды/айылдык аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттарына кыйла натыйжалуу жетишүүнү жана милдеттерин чечүүнү камсыз кылуучу, пландалган иш-чаралардын жыйындысын камтыган документ.

**Үй-бүлөлүк зомбулук** – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси.

---

[1] КР ЭжСӨМдүн 2020-жылдын 13-мартындагы №40 Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу буйругу.

**Социалдык колдоо** – турмушу оор адамдарга көрсөтүлүүчү социалдык-экономикалык, укуктук жана башка мүнөздөгү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жыйындысы.

**Социалдык жактан тейлөө** – турмушу оор жарандарды социалдык колдоо, социалдык-укуктук кызматтарды көрсөтүү жана материалдык жардам көрсөтүү, социалдык адаптациялоо жана реабилитациялоо жүргүзүү боюнча мамлекеттик стандарттарга шайкеш келген социалдык кызматтардын иши.

**Түзөтүү программасы** – бул үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүүгө багытталган иш-чаралардын жыйындысы. Мында зомбулук көрсөткөн адамдын өзүнүн жүрүм-турумун адекваттуу баалоо жана айланадагыларга сый мамиле кылуу көндүмдөрүнө окутуу, конструктивдүү жүрүм-турум көндүмдөрүн өнүктүрүү жана байытуу, социалдык мамилелерди жөнгө салуу, өзүнө адекваттуу баа берүүнү калыптандыруу каралган.

**Баш калкалоо жайы, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн убактылуу жашап туруу борбору** – үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга коопсуз, убактылуу жашап туруу жайын берүүчү уюм. Баш калка жайлар аялдар жана эркектер үчүн өзүнчө уюштурулат.

**Функция** – калкка кызматтарды көрсөтүүгө байланышкан, мамлекеттик бийлик органдарынын жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш чөйрөсү.

## 1. Кириш сөз

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын “үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу” боюнча жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жаатындагы ыйгарым укуктары “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бекитилген. “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттердин чөйрөсүнө кирет.

**Усулдук колдонмонун максаты**

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү жергиликтүү кеңештердин (шаардык, айылдык) контролдук функцияларына аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын алкагында үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу” боюнча жергиликтүү маанидеги маселени чечүү жаатында ага жүктөлгөн функцияларды аткаруу боюнча айыл өкмөтүнүн (мэриянын) ишин контролдоо кирет.

Жергиликтүү деңгээлдеги программалык документтерге үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу[2] боюнча милдеттерди жана иш-чараларды ЖӨБО кантип аткарып жатканын баалоо жана контролдоо аспаптарын киргизүү жана алардын ишке ашырылышын баалоо максатында ушул Усулдук колдонмо жергиликтүү кеңештердин (шаардык, айылдык) депутаттарына даректелет. Колдонмо жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу маселелерин камтыган ЧУАларга жана программалык документтерге серепти, баалоо жана контролдоо үчүн методологияны жана аспаптарды, ошондой эле мындан кийинки иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн баалоонун жыйынтыктары боюнча сунуштамаларды камтыйт.

Колдонмо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары (мэрия, айыл өкмөтү) үчүн да пайдалуу болушу мүмкүн. ЖӨБдүн аткаруучу органдары үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча программаларды иштеп чыгуу, инвестицияларды тартуу, ишке ашыруу, алардын натыйжалуулугу жана иштиктүүлүгү үчүн тикелей жооптуу болушат. ЖӨБдүн аткаруучу органдары үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу менен байланышкан мыйзам чыгаруу актылары жана стратегиялык документтер жөнүндө маалымат алуу үчүн ушул колдонмону жетекчиликке алса болот. Мындан тышкары, жергиликтүү аткаруу бийлик органдары үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча жергиликтүү программалар менен пландардын милдеттерин жана иш-чараларын ишке ашырууга өзүн-өзү баалоо жана ички мониторинг жана контроль жүргүзүү үчүн методологияны жана аспаптарды колдоно алышат.

Колдонмодо жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын баалоо жана контролдоо боюнча ишине эки этаптуу ыкма колдонулат. Биринчи этабында жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин депутаты (депутаттар тобу) жергиликтүү маанидеги программалык документтерде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин жана чаралардын бар болгонуна баа беришет, ошондой эле алардын аткарылышы боюнча кырдаалды баалашат. Баалоонун жыйынтыгы боюнча аткаруу мөөнөттөрүн жана жооптуу адамдарды көрсөтүү менен ишти жөнгө салуу максатында сунуштамалар берилет. Экинчи этабында баалоонун 1-этабында ЖӨБОго берилген сунуштамалардын аткарылышы көзөмөлдөнөт.

[2] Бул колдонмодо авторлор 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” КР Мыйзамына (2020-жылдын 15-апрелиндеги №41 КР Мыйзамынын редакциясына ылайык) таянып, “үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу” терминин колдонушту. Бул термин үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана бөгөт коюунун, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды социалдык-укуктук жактан коргоону камсыз кылуунун укуктук негиздерин аныктайт. 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча КР Улуттук стратегиясындагы милдеттер жана чаралар саналган жерде терминология биринчи булакка шайкеш сакталды.

## 2. ЖӨБдүн аткаруу органынын үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин жана чаралардын талаптагыдай аткаруусуна депутаттык көзөмөл (баалоо жана баалоодон кийинки иштер)

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңешинин иштеп жаткан депутаты контролдук функцияларды жүзөгө ашыруу боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарына негизденип, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча жергиликтүү программаларды жана пландарды, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кырдаалды жакшыртуу боюнча жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин буга чейинки сессияларынын чечимдерин, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын чечимдерин жана коомдук угуулардын сунуштарын жергиликтүү аткаруу бийлигинин органдары кантип аткарып жатканына туруктуу негизде жеке көзөмөлдү жүргүзүүгө тийиш.

**2.1. Депутаттык контролдун (баалоо жана баалоодон кийинки иштер) максаты** – депутаттын/депутаттардын жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча ЖӨБдүн аткаруу органдарына жүктөлгөн жергиликтүү деңгээлдеги милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын талаптагыдай аткарылышына парламенттик контролдоо функциясын жүзөгө ашыруусу.

**2.2. Депутаттык контролдун милдеттери (баалоо жана баалоодон кийинки иштер):**

1. Мыйзамдардын талаптарын аткаруу максатында, ошондой эле эл аралык жана улуттук деңгээлдеги стратегиялык документтердин жоболоруна ылайык жергиликтүү деңгээлде иштелип чыккан жана бекитилген программалык документтерде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин жана чаралардын бар болгонуна баа берүү;
2. Жергиликтүү деңгээлдеги программалык документтерге киргизилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин жана чаралардын аткарылган жана/же аткарылбай калган даражасын баалоо;
3. Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча программалык документтерди ийгиликтүү аткарууга шарт түзгөн жагдайларды аныктоо;
4. Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча программалык документтердин аткарылбай калганынын себептерин аныктоо;
5. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу маселелери боюнча программалык документтерди ийгиликтүү аткаруу жана толук кандуу ишке ашыруу үчүн сунуштамаларды жана жолдорду даярдоо.

**2.3. Депутаттын контролдук функцияларды жүзөгө ашыруу укугу (баалоо жана баалоодон кийинки иштер)**

2.3.1. Баалоо жол-жобосун жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин депутаты (депутаттар тобу) кайсы бир туруктуу комиссияга таандыктыгына карабастан демилгелей алат.

2.3.2. Айрыкча туруктуу комиссиянын иш планында үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча милдеттер жана чаралар болбосо, баалоо жол-жобосун жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин туруктуу комиссиясы демилгелегени максатка ылайыктуу болот.

2.3.3. Эгерде баалоону депутаттардын тобу жүргүзсө, гендердик тең салмактуулукту сактоо сунушталат, мында бир жыныстын өкүлдөрү 50 пайыздан ашпоого тийиш.

2.3.4. Эгерде баалоо жол-жобосун демилгелөө ниети бар жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин депутаты үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча жергиликтүү комитеттин/комиссиянын иштеп жаткан мүчөсү болсо, анда кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо үчүн контролдоо (баалоо) жол-жобосун жеке өзү эмес, депутаттар тобунун курамында демилгелөө сунушталат.

**2.4. Депутаттын контролдукту (баалоону жана баалоодон кийинки иштерди) жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгү**

2.4.1. Депутаттык көзөмөл (баалоо жана баалоодон кийинки иштер) жергиликтүү кеңештин иш планында, жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин туруктуу комиссиясынын (мисалы, социалдык маселелер боюнча) иш планында, депутаттын иш планында бекитилген мөөнөттөргө ылайык жүргүзүлөт.

2.4.2. **Баалоону (1-этабын)** эки жылда бир жолудан кем эмес өткөрүү сунушталат жана мындай милдетти жана ишти жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин планында, туруктуу комиссиянын планында жана депутаттын иш планында алдын ала милдеттүү түрдө кароо сунушталат.

2.4.3. **Баалоодон кийинки иштер (2-этабы)** жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин туруктуу комиссиясынын чечиминде (протоколунда) жана/же жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин сессиясынын чечиминде (токтомунда) айтылган мөөнөттөрдө жана/же баалоонун жыйынтыгы боюнча даярдалган аналитикалык катта айтылган мөөнөттөрдө (баалоонун 1-этабынан кийин) жүргүзүлөт.

**2.5. Депутаттын контролдук функциясын жүзөгө ашыруунун этаптары жана алгоритми (баалоо жана баалоодон кийинки иштер)**

Жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин депутатынын контролдук функцияларын ишке ашыруу процесси **2 этап** менен өтөт.

**1-этап: Баалоо жүргүзүү**

*1-этаптын өзгөчөлүгү – баалоону эки тегиздикте жүргүзүп чыгыш керек:*

1) *үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттер, чаралар жана иш-чаралар жергиликтүү программаларда жана пландарда <u>чагылдырылган жана бекитилген фактыларын</u> таап, белгилөө зарыл;*
2) *жергиликтүү аткаруу бийлик органдарынын жергиликтүү программаларда жана пландарда бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча бул милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын <u>ишке ашырып жаткан деңгээлин баалоо</u>.*

Баалоо жүргүзүүнүн төмөнкү алгоритми сунушталат:

**1.1. Депутаттык контролдоо жол-жобосун демилгелөө**

1.1.1. Жергиликтүү (айылдык/шаардык) кеңештин депутаты (депутаттардын тобу) төмөнкү учурларда контролдоо жол-жобосун демилгелейт (Баалоонун 1-этабы): (1) жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин планында жана анын туруктуу комиссияларынын пландарында үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу кырдаалды көзөмөлдөөгө багытталган милдеттер жана чаралар жок болсо; (2) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттерди жана чараларды жергиликтүү аткаруу бийлик органынын жүзөгө ашыруусун контролдоо боюнча милдеттер депутаттын иш планында болбосо; (3) жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңеште социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия болбосо.

1.1.2. Жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин туруктуу комиссиясы жооп кайтарууну жана көңүл бурууну талап кылган фактылар боюнча туруктуу комиссиянын иш планына, жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин иш планына ылайык үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кырдаалды баалоо жол-жобосун демилгелейт.

1.1.3. Муниципалитетте (шаарда, айыл өкмөтүндө) социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия болбогон учурда жергиликтүү (айылдык/шаардык) кеңештин депутаты (депутаттар тобу) үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кырдаалды көзөмөлдөө боюнча убактылуу комиссия түзүүнү демилгелөөгө укуктуу.

**1.2. 1-таблицаны жана 3-таблицаны колдонуу менен маалыматтарды чогултуу жана талдоо.**

1.2.1. Депутаттык суроо-талапты жиберип, үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча иш алып барган бардык жооптуу органдардан, уюмдардан, мекемелерден жана башка субъекттерден талдоо жана баалоо үчүн зарыл болгон документтерди суратуу.

1.2.2. **1-3-таблицалардын** 1-тилкесин пайдалануу менен жергиликтүү программаларда жана пландарда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын бар болгон фактысын аныктоо максатында кабинеттик талдоо жүргүзүү.

1.2.3. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу маселелери боюнча жергиликтүү программаларда жана пландарда каралган милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын жергиликтүү аткаруу бийлик органдары кандай аткарып жатканын баалоо үчүн изилдөөлөрдү (жолугушууларды, баарлашууларды, маектешүүлөрдү) жүргүзүү.

1.2.4. Баалоо жүргүзүүдө баалоонун ар кандай усулдарын колдонуу сунушталат (1-тиркемени караңыз).

**1.3. Аналитикалык катты даярдоо**

1.3.1. Ар тараптуу баалоонун жыйынтыгы боюнча Аналитикалык кат даярдалат, анда кырдаал боюнча ар тараптуу калыс баа берилет, аныкталган кемчиликтерди жоюу мөөнөттөрүн көрсөтүү менен бардык жооптуу субъекттер үчүн тыянактар жана сунуштамалар камтылат.

1.3.2. Аналитикалык кат сунушталган форматка ылайык тариздедет (3-тиркемени караңыз).

1.3.3. Аналитикалык кат баалоонун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссиясынын расмий чечимин даярдоо үчүн далилдүү негиз болуп саналат.

1.3.4. Корутундуларды жана сунуштамаларды камтыган Аналитикалык кат жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттерди жана чараларды пландап, аткаруу үчүн жооптуу бардык субъекттерге расмий түрдө берилет, жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин депутаттарына жана туруктуу (убактылуу) комиссиясынын мүчөлөрүнө, коомчулукка маалымдалат. Баалоонун жыйынтыктарын жана депутаттык көзөмөлдү талкуулоо боюнча коомдук угууларды өткөрүү кубатталат.

1.3.5. Жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыгы боюнча (1-этаптын) зарыл болгон учурда маселе туруктуу (убактылуу) комиссиянын кезектеги (кезексиз) жыйналышынын жана/же жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин сессиясынын күн тартибине киргизилет. Алардын жыйынтыгы боюнча тиешелүү расмий чечимдер кабыл алынып, аларда баалоодон кийинки иштерди жүргүзүүнүн мөөнөтү (датасы) көрсөтүлөт.

**2-этап: Баалоодон кийинки иштерди жүргүзүү**

*2-этапта баалоонун 1-этабынын жыйынтыгы боюнча сунуштамаларды ишке ашыруунун даражасы жана деңгээли, ыргагы, прогресси жана регресси бааланат. Бул 2-этаптын өзгөчөлүгү болуп саналат.*

Баалоодон кийинки иштерди жүргүзүүнүн төмөнкүдөй алгоритми сунушталат:

2.1. Баалоодон кийинки иштердин жол-жобосун баалоонун 1-этабында белгиленген мөөнөттө баалоонун 1-этабын өткөргөн ошол эле депутат (депутаттар тобу) демилгелейт.

2.2. Баалоонун 1-этабынын жыйынтыктары боюнча берилген сунуштамаларды жергиликтүү аткаруу бийлик органдары аткаргандыгы жөнүндө отчетту угуу боюнча жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссиясынын кезектеги (кезексиз) жыйналышын өткөрүү баалоодон кийинки иштерди жүргүзүүнүн механизми катары кызмат кылышы мүмкүн. Жергиликтүү аткаруу бийлик органдары бул иштерди аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда аларга карата мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктардын алкагында жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссиясынын расмий чечими кабыл алынат.

2.3. Жооптуу адамдар жана субъекттер белгиленген мөөнөттө, каралган көлөмдө жана сапатта жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссиясынын сунуштамаларын жана чечимдерин аткарбаса, анда көзөмөлдүк жүргүзүү жол-жобосун демилгелеген депутат (депутаттар тобу) чукул чараларды көрүү үчүн бул маселени жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин кезектеги (кезексиз) сессиясына алып чыгат. Жергиликтүү кеңештин сессиясы өзүнүн расмий баасын берет жана мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарына ылайык тиешелүү чечим чыгарат.

2.4. Баалоодон кийинки иштин жыйынтыктары жана натыйжалары туруктуу (убактылуу) комиссиянын расмий чечиминде жана жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин депутаттарынын сессиясында чагылдырылууга тийиш (протокол, токтом түрүндө).

2.5. Депутат жана жергиликтүү аткаруу бийлик органдары өз отчетторунда контролдоонун (баалоодон кийинки иштердин) жыйынтыктарын жана натыйжаларын чагылдырышат.
2.6. Баалоодон кийинки иштердин жыйынтыктары боюнча коомчулукка маалымдоо үчүн коомдук угууларды өткөрүү кубатталат.
2.7. Баалоодон кийинки иштердин жыйынтыктары боюнча сунушталган форматка ылайык Аналитикалык кат (7-бөлүм) толтурулат (3-тиркемени караңыз).

## 3. Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун алдын алуу маселелерин камтыган улуттук мыйзамдарга, улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги стратегиялык программаларга сереп

2021-жылдын 20-октябрындагы №123 ***"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** (*2022-жылдын 28-ноябрындагы №113, 2022-жылдын 1-декабрындагы №114 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык*) жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин уюштуруунун тартибин, алардын милдеттерин, функцияларын жана ыйгарым укуктарын, ошондой эле алардын ортосундагы өз ара мамилелердин тартибин белгилейт. Мыйзам жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин камтыйт, алардын бири – үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу. ЖӨБО жергиликтүү маанидеги маселелерди туруктуу негизде чечүүнү камсыз кылат.

2016-жылдын 16-декабрындагы №209 ***"Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө"*** Кыргыз Республикасынын Мыйзамы калкты социалдык жактан тейлөө тармагындагы укуктук жөнгө салуунун негиздерин аныктайт. Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын турмушу оор адамдарга, анын ичинде чыр-чатактардын жана үй-бүлөдөгү катаал мамиленин кесепетинен социалдык колдоо, социалдык-укуктук кызматтарды көрсөтүү жана материалдык жардам көрсөтүү, турмуштук оор кырдаалда турган жарандарды социалдык адаптациялоо жана реабилитациялоо боюнча мамлекеттик стандарттарга ылайык социалдык-экономикалык, укуктук жана башка мүнөздөгү кызматтардын комплексин көрсөтүүдөгү ишин жөнгө салат.

2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 ***"Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*** (*2020-жылдын 15-апрелиндеги №41 Мыйзамынын редакциясына ылайык*) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана аны болтурбоонун, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды социалдык-укуктук сактоону жана коргоону камсыз кылуунун укуктук негиздерин аныктайт. Мыйзам үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды социалдык-укуктук коргоо жаатындагы мамилелерди жөнгө салат. Ушул Мыйзам менен белгиленген үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо чаралары инсандын, үй-бүлөнүн жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыр тарткандардын басымдуу бөлүгү (97%) аялдар. Ошондуктан Мыйзамда каралган социалдык-укуктук коргоо чаралары биринчи кезекте аялдарды коргоого жана алардын коопсуздугуна багытталган. Жогоруда аталган Мыйзамга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттердин чөйрөсүнө кирет.

***Туруктуу өнүгүү максаттары*** (ТӨМ) жакырчылыкты жоюуга, планетаны коргоого жана кайсы жерде болбосун ар бир адамдын жашоосун жана келечегин жакшыртууга багытталган универсалдуу чакырык болуп саналат. Бул 17 максатты 2015-жылы БУУга мүчө бардык мамлекеттер, анын ичинде Кыргыз Республикасы да 2030-жылга чейин туруктуу өнүктүрүү жаатындагы Күн тартибинин алкагында кабыл алышкан. 16-максат төмөнкүдөй: Туруктуу өнүктүрүүнүн кызыкчылыгында тынчтыкка умтулган жана ачык коомду курууга көмөктөшүү, бардыгы үчүн сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылуу жана бардык деңгээлдерде натыйжалуу, отчеттуу жана кеңири катышууга негизделген мекемелерди түзүү үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулукка түздөн-түз байланышкан көрсөткүчтөргө ээ:

- 16.1-көрсөткүч. Зордук-зомбулуктун бардык түрлөрүнүн таралышын кескин кыскартуу жана дүйнө жүзү боюнча бул көрүнүштөн өлүмдүн деңгээлин азайтуу;

- 16.3-көрсөткүч. Улуттук жана эл аралык деңгээлдерде укуктун үстөмдүгүнө көмөктөшүү жана бардыгына сот адилеттигине бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

КР Улуттук статистика комитети бул көрсөткүчтөргө жетишүү боюнча маалыматтарды жыл сайын, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан да чогултуп келет.

2022-жылдын 16-сентябрындагы №513 ***2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиясы*** – мамлекеттик гендердик саясаттын артыкчылыктуу багыттарын аныктаган экинчи узак мөөнөттүү документ, стратегиянын артыкчылыктуу багыттарынын бири – гендердик кылмыштарды азайтуу. Стратегия Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетүү боюнча 2022-2024-жылдарга улуттук иш-аракеттер планы менен бекемделип, ага гендердик зомбулуктун масштабын кыскартуу боюнча чаралар киргизилген.

## 4. 1-таблица менен иштөө боюнча нускама

*1-таблица үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын жергиликтүү программаларда жана пландарда бар болгонуна жана бекитилгенине талдоо жана баалоо жүргүзүү процессинде жардам берген Аспап болуп саналат.*

1-таблицаны Баалоонун 1-этабында колдонуу сунушталат.

**4.1-кадам. 1-таблицанын мазмуну менен таанышып чыгуу**

*“Улуттук мыйзамдарга, улуттук жана жергиликтүү деңгээлдердеги программаларга ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча ЖӨБОнун негизги милдеттерине жана чараларына сереп”* деп аталган 1-таблицаны кунт коюп окуп чыгыңыз.

**2-таблицанын 1-тилкесинде** (жашыл түстө) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга жана бөгөт коюуга багытталган негизги мыйзамдар, эл аралык жана улуттук программалар көрсөтүлгөн, ЖӨБдүн аткаруучу органдары аларды аткаруу субъекттери болуп саналат.

**2-таблицанын 2-тилкесинде** (кызгылт түстө) ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын көрсөтүлгөн мыйзамдарды аткаруу жана программаларды ишке ашыруу боюнча негизги функциялары жана милдеттери көрсөтүлгөн.

**2-таблицанын 3-тилкесинде** (көк түстө) мыйзамдардын жана программалардын ченемдерин жана талаптарын ишке ашыруу боюнча болжолдуу, көп кездешкен жана сунушталган чаралары көрсөтүлгөн.

**4.2-кадам. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча мыйзамдарды, программаларды жана пландарды талдоо**

**1-таблицаны** колдонуу менен мыйзамдарга талдоо жүргүзүү сиздин муниципалитеттин (шаардын, айыл өкмөтүнүн) деңгээлинде иштелип чыккан жана бекитилген жергиликтүү программаларда жана пландарда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча сунушталган милдеттер жана чаралар иш жүзүндө канчалык эсепке алынып жатканы боюнча чыныгы кырдаалды көрүүгө мүмкүндүк берет.

Сиздин муниципалитеттин (шаардын, айыл өкмөтүнүн) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча жергиликтүү программаларында жана пландарында 1-таблицанын 2-3-тилкелеринде саналган милдеттердин/чаралардын бар болгонуна сынчыл маанайда талдоо жүргүзүп чыгыңыз.

**4.2-кадамды** аткаруу үчүн сиздин муниципалитетте (шаарда, айыл өкмөтүндө) кабыл алынган бардык актуалдуу программалык документтерди суратып алып, талдап чыгышыңыз керек. Ал документтер: аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин/комиссиянын иш планы, жергиликтүү маанидеги

маселелерди чечүү жана КР мыйзамдарында белгиленген мамлекет берген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн муниципалитеттин башчысынын (мэрдин, айыл өкмөт башчынын) иш планы, жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБОнун биргелешкен иш-аракеттер планы, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттер жана чаралар камтылган башка бекитилген программалар жана пландар.

Сереп жана талдоо жасоо үчүн суратылып алына турган документтердин болжолдуу тизмесин 1-тиркемеден таба аласыз. Сунушталган тизме толук эмес. Толук талдоо жүргүзүү үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча мыйзамдарды ишке ашыруу үчүн жооптуу бардык субъекттерден башка материалдарды, статистиканы чогултуп чыгыш керек болот.

5. **Улуттук мыйзамдарда жана программаларда бекитилген милдеттерге жана чараларга ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу жергиликтүү программаларда жана иш-чаралар пландарында бар болгонун аныктоо үчүн талдоо аспабы (мисалдар менен)**

**1-таблица**

<table>
<tr><th>1. ЧУАлардын/программалардын/пландын аталышы</th><th>2. Ишке ашырылышы үчүн ЖӨБОнун аткаруу органдары жооптуу болгон чаралардын тизмеси</th><th>3. Жергиликтүү деңгээлдеги иш-чаралардын көп кездешкен мисалдары</th></tr>
<tr><td rowspan="2">2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы<br><br>27-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелер<br><br>22) Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу.<br><br>2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы<br><br>19-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мэриянын, айыл өкмөтүнүн) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары</td><td>1) калкты социалдык тейлөөнүн негиздери жөнүндө мыйзамдарга ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурат;</td><td>• Убактылуу баш калкалоочу жайга муктаж болгон, дене-бойлук же психикалык зомбулуктан жапа чеккен жарандарга атайын социалдык тейлөө уюмдарында убактылуу баш калкалоочу жай берүү.<br>• Кайрылуулар менен иштөө боюнча айыл өкмөтүндө нөөмөттүк күндөрдү (айына 2 жолу) уюштуруу жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча консультацияларды берүү (социалдык кызматкер, психолог, юристтер).<br>• Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга кызмат көрсөтүү жана жардам берүү.</td></tr>
<tr><td>2) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгат жана ишке ашырат, жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу социалдык кызматтарды түзөт;<br><br>3) кабыл алынган программалардын натыйжалуулугуна жана майнаптуулугуна мониторингди жана баа берүүнү жүзөгө ашырат;</td><td>• Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан жарандарга кызмат көрсөтүүгө мамлекеттик жана социалдык заказ боюнча коомго пайдалуу долбоорлорду ишке ашыруу жана алдын алуу чаралары үчүн жергиликтүү бюджетте каражаттарды көбөйтүү/пландаштыруу.<br>• Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан жарандар үчүн туруктуу негизде юристтин жана психологдун кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу.<br><br>• Айыл өкмөтүнүн, мэриянын өкүлдөрүнүн, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын, ички иштер органдарынын, саламаттык сактоо, социалдык өнүктүрүү органдарынын өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын катышуусу менен ар бир айылда ай сайын айылдык чогулуштарды өткөрүү.</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| | 4) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү программаларды ишке ашыруу үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат; | • Төмөнкүлөргө гранттык каражаттарды тикелей же жергиликтүү коомдук уюмдар аркылуу тартуу:<br>- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн кризистик борборлорду уюштурууга;<br>- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар убактылуу жашай алышы үчүн фостердик үй-бүлөлөрдү уюштуруу программасына;<br>- айыл өкмөтүндө туруктуу негизде иштей турган юристтин жана психологдун кызмат көрсөтүүлөрүн уюштурууга;<br>- бардык маалыматтык каналдар (интернет, социалдык тармактар, ТВ, радио, мектептер, ЖОЖдор, мамлекеттик органдар, жеке сектор) аркылуу үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча масштабдуу маалыматтык өнөктүктөрдү өткөрүүгө. |
| | 5) өзүнүн аймагында үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды эсепке алууну жүргүзөт; | • Бардык деңгээлдердеги саламаттык сактоо уюмдарынын медицина кызматкерлери тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктун ар бир фактысын документтештирүү жана маалыматты ички иштер органдарына жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгына милдеттүү түрдө берүү.<br>• Ички иштер органдарынын, социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо жана билим берүү органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен үй-бүлөлүк зомбулук жасаган (анын ичинде коргоо ордерин алган жана “үй-бүлөлүк мамилелерде укук бузууларга жол берген адамдар” катары каттоодо турган) адамдар менен ай сайын профилактикалык сүйлөшүүлөрдү уюштуруу.<br>• Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган күнөөлүү адамдардын жүрүм-турумун оңдоо программасынан милдеттүү түрдө өтүүсү жөнүндө шарттардын аткарылышына талдоо жүргүзүү жана тиешелүү чараларды көрүү. |

| | | |
|---|---|---|
| | 6) жергиликтүү деңгээлде социалдык органдары - үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү аркылуу, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерди ведомстволор аралык координациялоого жана алардын өз ара аракеттенүүсүнө көмөк көрсөтөт; | • Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү боюнча айыл өкмөтүнүн жана мэриянын ишин, тургундардын чогулушун уюштуруу, жергиликтүү комитеттердин мүчөлөрүн бекитүү.<br>• Үй-бүлөлүк зомбулуктун аныкталган учурларындагы айырмачылыктардын себептерине (үй-бүлөлүк зомбулук учурларында катталган жоруктарга) жана берилген коргоо ордерлеринин санына талдоо жүргүзүү жана аларды четтетүү үчүн чараларды көрүү.<br>• Ички иштер органдары, социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо жана билим берүү органдары менен биргеликте графикти бекитүү, үймө-үй кыдырууну уюштуруу жана мамилелери кризиске кептелген үй-бүлөлөрдү аныктоо. |
| | 7) үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо кооптуулугу бар экендиги жөнүндө ички иштер органдарына маалымдайт; | • Ички иштер органдарынын, социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо жана билим берүү органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен "үй-бүлөлүк мамилелерде укук бузууларга жол берген адамдар" категориясында каттоодо турган үй-бүлөлөргө барууну уюштуруу.<br>• Зомбулуктан жабыркаган үй-бүлөлөрдү көзөмөлгө алуу жана үй-бүлөдөгү кризистик кырдаалдарды жеңүү боюнча шарттарды түзүү (үй-бүлөнүн муктаждыктарын аныктоо аркылуу).<br>• Көзөмөлгө (патронажга) алынган субъекттер менен иш алып баруу жана үй-бүлөдөгү кризистик кырдаалдарды жоюу боюнча шарттарды түзүү үчүн райондук өнүктүрүү башкармалыктарында каттоого тургузулган үй-бүлөлөр менен иштөө пландарын даярдоо. |
| | 8) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлеринин үй- | • Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, мектепке чейинки жана билим берүү уюмдарынын педагогикалык |

| | | |
|---|---|---|
| | бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча квалификациясын жогорулатуу боюнча программаларга катышат; | кызматкерлери, социалдык өнүктүрүү кызматкерлери, аксакалдар сотторунун мүчөлөрү үчүн үй-бүлөлүк зомбулук учурларын аныктоо, чара көрүү жана алдын алуу боюнча окууларды өткөрүү.<br>• Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин мүчөлөрүн үй-бүлөлүк зомбулук учурларын аныктоого, чара көрүүгө жана алдын алууга окутуу. |
| | 9) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды өздөрүнүн сайттарына жарыялайт. | • Бардык маалыматтык каналдар (интернет, социалдык тармактар, ТВ, радио, мектептер, ЖОЖдор, мамлекеттик органдар, жеке сектор) аркылуу үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча масштабдуу маалыматтык өнөктүктөрдү өткөрүү.<br>• Төмөнкүлөр тууралуу маалыматтык материалдарды даярдап, ЖӨБОдо жайгаштыруу:<br>а) аялдарга, балдарга, үй-бүлөлөргө, коомго үй-бүлөлүк зомбулуктун кейгөйлөрү жана кесепеттери жөнүндө;<br>б) үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн Жоруктар жөнүндө кодексте, Кылмыш-жаза кодексинде, “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” КР Мыйзамында каралган жоопкерчилик жөнүндө;<br>в) арыз менен кайрылуунун мүмкүнчүлүктөрү, субъекттердин (ЖӨБО, ИИБ, саламаттык сактоо мекемелери, социалдык өнүктүрүү органдары, юстиция, адвокатура органдарынын мекемелери, кризистик борборлор, укук коргоочу өкмөттүк эмес уюмдар жана ишеним телефондору ж. б.) кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө;<br>• Билим берүү мекемелеринде (мектептерде, колледждерде, лицейлерде) балдар үчүн класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүү.<br>• Ички иштер органдарынын, саламаттык сактоо органдарынын, социалдык өнүктүрүү органдарынын, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу |

| | | |
|---|---|---|
| | | менен мектепке чейинки жана мектеп мекемелеринде ата-энелердин чогулуштарын өткөрүү.<br>• Ички иштер органдарынын, саламаттык сактоо, социалдык өнүктүрүү органдарынын, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен орто кесиптик окуу жайларында жана ЖОЖдордо окуучулар/студенттер жана ата-энелер менен чогулуштарды өткөрүү. |
| **Туруктуу өнүгүү жаатындагы 16-максат (ТӨМ):** | ***16.1-көрсөткүч***. Зордук-зомбулуктун бардык түрлөрүнүн таралышын кескин кыскартуу жана дүйнө жүзү боюнча бул көрүнүштөн өлүмдүн деңгээлин азайтуу;<br>***16.3-көрсөткүч***. Улуттук жана эл аралык деңгээлдерде укуктун үстөмдүгүнө көмөктөшүү жана бардыгына сот адилеттигине бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу. | • Бардык деңгээлдердеги саламаттык сактоо уюмдарынын медицина кызматкерлери тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктун ар бир фактысын документтештирүү жана маалыматты ички иштер органдарына жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгына милдеттүү түрдө берүү.<br>• ИИМдин кызматкерлерин үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктары менен иштөөгө окутуу. |
| **2022-жылдын 16-сентябрындагы №513 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясы, 2022-2024-жылдарга Улуттук иш-аракеттер планы менен бекемделген**<br><br>Артыкчылыктуу багыт: ***Гендердик басмырлоодон коргоону күчөтүү жана адилеттүү сот адилеттиги.*** | 25.7. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдар үчүн кризистик борборлордун ишин жыл сайын колдоону жүзөгө ашыруу жана мамлекеттик кризистик борборлорду түзүү. | • Муниципалдык кризистик борборлорду уюштурууга же фостердик үй-бүлөлөрдү уюштурууга мамлекеттик социалдык заказдын алкагында каражаттарды бөлүүгө жергиликтүү бюджетте акча пландаштыруу. |
| | 25.13. Жарандык коомдун, анын ичинде гендердик теңчилик чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү боюнча аялдар кеңештеринин өкүлдөрүнүн потенциалын жогорулатуу жана гендердик зомбулуктун алдын алууга алардын катышуусун активдештирүү. | • Жарандык коомдун уюмдары жана аялдар кеңештери үчүн аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту жоюу боюнча улуттук милдеттенмелердин аткарылышын талдоого мониторинг жүргүзүү боюнча семинарларды өткөрүү. Мамлекеттик социалдык заказдын жана жергиликтүү бюджеттердин алкагында. |

| | | |
|---|---|---|
| ***8-максат**. Гендердик басмырлоо жана гендердик зомбулук болгон учурларда аныктоонун, чара көрүүнүн жана алдын алуунун гендердик-сезгич системасын түзүү* | 26.2. Мамлекеттик органдар жана ЖӨБО үчүн көрсөтүлүүчү кызматтардын жана жардамдын сапатын жана баалоо критерийлеринин системасын иштеп чыгуу жана киргизүү. | • Кызмат көрсөтүүнүн стандарттарын иштеп чыгуу жана алардын негизинде кызмат көрсөтүүнүн сапатын баалоо критерийлерин даярдоо. Жергиликтүү кеңеш сапатты баалоо критерийлерин бекитүүгө тийиш. |
| | 28.4. Зомбулукка кабылгандардын тажрыйбасын кошо алганда, стандарттуу операциялык жол-жоболорго негизделген гендердик басмырлоонун жана гендердик зомбулуктун курмандыктарын аныктоо, чара көрүү жана кызматтарды жана жардам көрсөтүү боюнча субъекттердин өкүлдөрүн окутуу. | • Зомбулукка, гендердик басмырлоого жана гендердик зомбулукка кабылган адамдарга реакция жасоо жана аларга жардам көрсөтүү боюнча окутуу иш-чараларын туруктуу негизде өткөрүү. |
| | 30.7. Тиешелүү гендердик атайын чараларды иштеп чыгуу жана Аксакалдар соттору жөнүндө мыйзамдарга киргизүү аркылуу аксакалдар сотторунун курамында аялдардын өкүлчүлүгүн жогорулатуу. | • Жергиликтүү кеңештердин аял депутаттары менен чогуу аксакалдар сотторуна аялдардын катышуусунун маанилүүлүгү жөнүндө калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, аксакалдар сотунун курамында иштөө үчүн аялдарды окутуу. |
| | 30.8. Аксакалдар сотторунун гендердик сезгичтигин жогорулатуу. | • Аксакалдар судьялары үчүн гендердик сезгичтик боюнча тренингдерди өткөрүү. |

## 6. 3-таблица менен иштөө боюнча нускама (бош графа)

***3-таблица*** *үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын жергиликтүү программаларда жана пландарда бар болгонуна жана бекитилгенине, ошондой эле алар аткарылган/аткарылбаган фактысын аныктоого талдоо жана баалоо жүргүзүү процессинде жардам берген Аспап болуп саналат.*

**3-таблицада 1-2-тилкелер** гана толтурулган.

**3-таблица (бош графа)** менен иштөөнүн негизги идеясы жана максаты – 3-таблицанын бош графаларын (3, 4, 5, 6-тилкелерди) өз алдынча толтуруп чыгуу.

Бош графалар үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу маселеси жергиликтүү программаларда жана иш-чаралардын пландарында бар болгон фактыны аныктоонун жана талдоонун, ошондой эле бул иш-чаралар иш жүзүндө аткарылган фактынын негизинде толтурулат.

**Көңүл буруңуз!** Сизге ыңгайлуу болсун деп, ошондой эле багыт көрсөтүү үчүн мисалдар менен толтурулган 3-таблица Тиркемеде жайгаштырылган.

### 6.1-кадам. 3-таблица менен таанышып чыгуу

“Жергиликтүү программаларда жана иш-чаралардын пландарында үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу бар болгонун аныктоо жана аларды ЖӨБдүн аткаруу бийлигинин органдары иш жүзүндө аткарып жатканын баалоо үчүн талдоо аспабы” деп аталган 2-таблица менен кунт коюп таанышып чыгыңыз.

Колдонмонун авторлору **3-таблицанын 1-2-тилкелери 1-таблицанын 1-2-тилкелерине** окшош болгондой түзүп чыгышты (“1-таблица менен иштөө боюнча нускаманы” караңыз).

**3-таблицанын 1-тилкесинде** (жашыл түстө) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга жана бөгөт коюуга багытталган негизги мыйзамдар, эл аралык жана улуттук программалар көрсөтүлгөн, ЖӨБдүн аткаруучу органдары аларды аткаруу субъекттери болуп саналат.

**3-таблицанын 2-тилкесинде** (кызгылт түстө) ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын көрсөтүлгөн мыйзамдарды аткаруу жана программаларды ишке ашыруу боюнча негизги функциялары жана милдеттери көрсөтүлгөн.

**3-таблицанын 3-тилкесине** (көк түстө) – ар бир графага (квадратка) жергиликтүү программаларга жана пландарга милдеттердин/чаралардын жана иш-чаралардын бар болгону жана кошулганы жөнүндө маалыматты киргизүү зарыл.

**3-таблицанын 4-тилкесине** (кызгылт көк түстө) – ар бир графага (квадратка) бул чаранын иш жүзүндө аткарылгандыгын тастыктаган маалыматты жана аткарылган фактыны ырастаган документтердин тизмесин, шилтемелерди киргизүү зарыл.

**3-таблицанын 5-тилкесине** (бирюза түстө) – ар бир графада (квадратта) жергиликтүү программаларда жана пландарда белгиленген иш-чаралардын аткарылышын тастыктаган сандык индикаторлор жөнүндө маалыматты киргизүү зарыл.

**3-таблицанын 6-тилкесине (боз түстө)** – ар бир графага (квадратка) жергиликтүү программаларда жана пландарда каралган иш-чаралардын аткарылбай калышынын себептери жөнүндө маалыматты киргизиш керек.

**6.2-кадам. 3-таблицанын бош графаларын (квадраттарын) толтуруу**

Бул кадамда 1-тилкени (жашыл) жана 2-тилкени (кызгылт түстө) толтуруу талап кылынбайт.

**6.2-кадамды** аткаруу үчүн сиздин муниципалитетте (шаарда, айыл өкмөтүндө) кабыл алынган бардык актуалдуу программалык документтерди суратып алып, талдап чыгышыңыз керек. Ал документтер: аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин/комиссиянын иш планы, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жана КР мыйзамдарында белгиленген мамлекет берген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн муниципалитеттин башчысынын (мэрдин, айыл өкмөт башчынын) иш планы, жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБОнун биргелешкен иш-аракеттер планы, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттер жана чаралар камтылган башка бекитилген программалар жана пландар.

**3-тилкеде (көк түстө)** – үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттер, чаралар, иш-чаралар жазуу жүзүндө чагылдырылган жергиликтүү программаларды жана пландарды талдоо процессинде табылган маалыматтарды толтуруп чыгуу зарыл: 1) толугу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга жана бөгөт коюуга багытталган, же болбосо үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттер жана/же чаралар киргизилген программаларды жана/же пландарды бекитүү боюнча документтин (буйруктун/тескеменин/токтомдун) № жана аталышы; 2) ушул милдеттерди жана/же чараларды аткарууга жергиликтүү бюджетте каралган берене жана каражаттардын суммасы.

Бул кадамда колдо болгон жергиликтүү программалар жана пландар менен таанышып чыгып, аларда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча иш-чаралардын бар болгонун жана эсепке алынгандыгын аныктап, ошондой эле жергиликтүү программада жана планда бекитилген иш-чаралардын мыйзамдарда же улуттук программада каралган конкреттүү милдеттерге жана/же ченемдерге шайкештигин салыштырып чыгыш керек.

**4-тилкеде (кызгылт көк түстө)** – ар бир графага (квадратка) бул чаранын иш жүзүндө аткарылгандыгын тастыктаган маалыматты жана аткарылган фактыны ырастаган документтердин тизмесин, шилтемелерди киргизүү зарыл. Ошондой эле төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш: 1) иш жүзүндө аткарылган милдеттердин жана чаралардын тизмеси; 2) пландалган милдеттердин жана чаралардын аткарылган фактысын ырастоочу колдо болгон отчеттор, протоколдор жана толук аталышы менен башка документтер; 3) пландалган милдеттерди жана чараларды аткарууга сарпталган жергиликтүү бюджеттен иш жүзүндө чыгымдар жөнүндө отчеттор.

Бул кадамды аткаруу үчүн милдеттерди жана чараларды аткаруу деңгээлин баалоо керек. Ал үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдарынын программаларды жана пландарды ишке ашыруу боюнча тийиштүү отчеттору, колдо болгон аналитикалык отчеттор, расмий статистика, басылмалар ж.б. менен таанышуу зарыл.

*Көңүл буруңуз!* Бул **кадамда** документтер менен таанышуудан тышкары, кызыкдар тараптар жана жооптуу адамдар менен жолугушууларды, баарлашууларды, маектешүүлөрдү өткөрүү аркылуу маалымат чогултуу маанилүү.

**5-тилкеде (бирюза түстө)** – ар бир графага (квадратка) жергиликтүү программаларда жана пландарда белгиленген иш-чаралардын аткарылышын ырастаган сандык индикаторлор жөнүндө маалыматты киргизүү зарыл. Ошондой эле төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек: 1) өткөрүлгөн иш-чаралардын саны; 2) өткөрүлгөн иш-чаралардын катышуучуларынын саны, алардын ичинен эркектердин, аялдардын, балдардын, жергиликтүү комитеттин мүчөлөрүнүн, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, медицина кызматкерлеринин, аксакалдар сотунун, аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн саны; 3) социалдык жана башка жардам алган адамдардын/үй-бүлөлөрдүн саны, алардын ичинен: аялдардын, эркектердин, улгайган адамдардын, балдардын, майыптыгы бар адамдардын ж.б. саны; 4) юристтин жана психологдун консультациясын алган адамдардын саны; 5) үй-бүлөлүк зомбулук болгон учурлардын саны, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандардын, алардын ичинен аялдардын, эркектердин, улгайган адамдардын, балдардын, майыптыгы бар адамдардын ж.б. саны, алардан түшкөн кайрылуулардын саны, конкреттүү милдетке жана/же чарага тиешеси бар башка сандык маалыматтар.

Бул кадамды аткаруу үчүн милдеттерди жана чараларды аткаруу деңгээлин баалоо керек. Ал үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдарынын программаларды жана пландарды ишке ашыруу боюнча тийиштүү отчеттору, колдо болгон аналитикалык отчеттор, расмий статистика, басылмалар ж.б. менен таанышуу зарыл.

**6-тилкеде (боз түстө)** – ар бир графага (квадратка) жергиликтүү программаларда жана пландарда каралган иш-чаралардын, милдеттердин жана чаралардын аткарылбай калышынын себептери жөнүндө маалыматты жазып чыгыш керек. Эгерде кандайдыр бир иш-чара, тапшырма же чара аткарылбаса, анда мунун конкреттүү себептерин көрсөтүп, буга жол берген жооптуу адамдардын аты-жөнүн көрсөтүш керек. Конкреттүү себептер жөнүндө маалыматты жооптуу адамдар жана кызыкдар тараптар менен жолугушуунун жүрүшүндө алууга болот. Баарлашуулар жана маектешүүлөр жергиликтүү программаларга жана пландарга киргизилген иш-чараларды, милдеттерди жана чараларды ишке ашыруу процесси жөнүндө калыс маалымат алууга мүмкүндүк берет, ошондой эле эгерде аткарылбай калса, мунун себептерин билүүгө шарт түзөт.

**3-4-5**-кадамдарды аткаруу үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча маселелерди жергиликтүү программаларга жана пландарга киргизүүгө жана аларды аткарууга түздөн-түз тиешеси бар жооптуу адамдар жана кызыкдар тараптар менен маектешүү жүргүзүү сунушталат. Бул айыл өкмөтүнүн жана башка органдардын, уюмдардын жана мекемелердин жооптуу кызматкерлери болушу мүмкүн.

Милдеттер жана иш-чаралар аткарылган даражасын жана сапатын баалоо, кошумча маалымат алуу, аныкталган фактыларды тастыктоо же четке кагуу үчүн негизги кызыкдар тараптар менен жолугушууларды жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү маанилүү. Чогултулган документалдык далилдер жана адамдардын ырастаган/төгүндөгөн сөздөрү изилденип жаткан маселе боюнча пикирди калыптандырууга жана калыс баа берүүгө шарт түзөт.

Сунушталган баалоо усулдарынын тизмеси менен 1-тиркемеде таанышууга болот.

***Бул маанилүү!*** *Бардык тилкелерди толтуруп жатканда, сиз бекитилген, расмий документтерге жана жазуу жүзүндөгү отчетторго гана таянышыңыз керек, оозеки айтылган пикирлер эсепке алынбайт, бирок маалымат катары эстеп калса болот.*

Бардык бош графаларды толтуруп чыккандан кийин кийинки **Аспапка** жана **7-кадамга** өтө аласыз.

## 7. “Светофор” аспабын колдонуу боюнча нускама

*Колдонууга сунушталган “Светофор” жергиликтүү программаларда жана пландарда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын “бар болгонуна” баа берип, ошондой эле баалоо жүргүзүү учурунда алардын аткарылганы жана/же аткарылбай калганы боюнча статусун аныктоого жардам берген аспап болуп саналат.*

Бул Кадамды аткаруу үчүн төмөнкүлөр керек:

1. Буга чейинки Кадамдарда толтурулган **3-таблица** (бош графа).
2. Үч түстөгү калемдер/маркерлер – жашыл, сары жана кызыл.


### 7-1-кадам. Түстүү кодду колдонуу менен баалоо

Бул кадамды аткаруу үчүн баалоо процессинде толтурулган **3-таблицаны** (бош графаны) алып, талдоо процессинде толтурулган ар бир графаны **3-таблицада** берилген түстөрдүн кодуна шайкеш келген тиешелүү түс менен боёп чыгыш керек.

**2-таблица. “Светофор” аспабы**

| № | Баалоо критерийи | Түстүн коду |
|---|---|---|
| 1 | Милдет/чара жергиликтүү документке киргизилип, ийгиликтүү ишке ашырылды. | жашыл түс |
| 2 | Милдет/чара жергиликтүү документке киргизилген жана ишке ашыруу процессинде турат. | жашыл түс |
| 3 | Милдет/чара жергиликтүү документке киргизилген, бирок ал жөнүндө эч ким билбейт жана ал ишке ашпай жатат. | сары түс |
| 4 | Милдет/чара жергиликтүү документке киргизилген эмес, бирок анын ишке ашырылганы тууралуу факт бар. | сары түс |
| 5 | Милдет/чара жергиликтүү документке киргизилген эмес, мындан улам ал жөнүндө эч ким билбейт жана ал ишке ашырылбай жатат. | кызыл түс |

**Түстөр кодунун мааниси**



***Жашыл*** – жашыл түс коду менен үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча жергиликтүү программага, планга киргизилген жана ийгиликтүү ишке ашырылып жаткан милдет, чара, иш-чара белгиленет. Кырдаал жакшы жана кийлигишүүнү талап кылбайт.

***Сары*** – сары түстүү код менен жергиликтүү программага, пландарга киргизилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдет, чара, иш-чара белгиленет. Жергиликтүү программаларды жана пландарды ишке ашыруу активдүү фазасында турат жана пландарга, мөөнөттөргө жана күтүлүп жаткан көрсөткүчтөргө шайкеш аткарылууда. Бирок төмөнкүлөр боюнча бир аз түзөтүүлөрдү киргизүү зарыл: а) жергиликтүү программалардын жана пландардын формулировкаларын жана көрсөткүчтөрүн тактоо, толуктоо зарыл; б) жергиликтүү программаларды жана пландарды ишке ашыруунун усулдарын, ыкмаларын, мөөнөттөрүн кайра карап чыгып, толукташ керек.

***Кызыл*** – кызыл түстүү код менен үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча жергиликтүү программага, планга КИРГИЗИЛБЕГЕН милдет, чара, иш-чара белгиленет.

Муниципалитетте (шаарда, айыл өкмөтүндө) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча кырдаал курч болуп турат, чукул жана кечиктирилгис чараларды көрүү зарыл.

## 8. Баалоонун жыйынтыгын чыгаруу жана Аналитикалык катты жазуу

Жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыктары боюнча Аналитикалык кат даярдалат, анда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу маселелери менен алектенген бардык жооптуу адамдар, органдар, уюмдар, мекемелер, жергиликтүү комитеттер, коомдук комиссиялар жана башка субъекттер үчүн тыянактар жана сунуштар камтылат.

Аналитикалык кат 7 бөлүмдөн турат. Алар:

**1-6-бөлүмдөр 1-этаптын** (баалоонун) жыйынтыгы боюнча толтурулат.

**7-бөлүм 2-этаптын** (баалоодон кийинки иштердин) жыйынтыгы боюнча толтурулат.

Ар бир бөлүм тиешелүү бөлүмчөлөрдөн турат.

**1-бөлүм. Бар болгону** – бул жерге үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча жазылган милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын жергиликтүү программаларда жана пландарда бар же жок болгону такталган фактыларды жазып чыгыш керек.

**2-бөлүм. Аткарылышы** – бул жерге үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын жергиликтүү программаларда жана пландарда аткарылганы же аткарылбай калганы такталган фактыларды жазып чыгыш керек.

**3-бөлүм. Ийгиликтүү ишке ашканына жана аткарылганына өбөлгө болгон факторлор** – бул жерге жергиликтүү программаларда жана пландарда каралган үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттерди, чараларды жана иш-чараларды аткарууда ийгиликтүү ишке ашканы же аткарылбай калганы тууралуу баалоо процессинде аныкталган себептер жазылышы керек.

**4-бөлүм. Аткарылбай калганынын себептери** – бул жерге баалоо процессинде аныкталган үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын жергиликтүү программаларда жана пландарда аткарылбай калганынын себептерин жазыш керек.

**5-бөлүм. Корутунду өзгөчө маанилүү сунуштамалар** – бул жерге чукул убакыттын ичинде чечүүнү жана жооп кайтарууну талап кылган өзгөчө курч сунуштамалар жазылышы керек. Бул жерге 3-таблицанын толтурулган графаларында “Светофордогу” кызыл код менен белгиленген бөлүнгөн корутундулар жана сунуштамалар жазылат.

**6-бөлүм. Тиркемелер** – бул бөлүмдө баалоо процессинде изилденип, талданган жана Аналитикалык катта чагылдырылган тыянактардын жана сунуштамалардын өзөгүн түзгөн документтердин тизмеси тиркелет.

**7-бөлүм. Баалоодон кийинки иштер** – бул бөлүм БААЛООДОН КИЙИНКИ баскычта толтурулат. Бул бөлүм аткаруу маалындагы прогресске же регресске баа берет, БААЛООНУН 1-этабында берилген сунуштамалардын аткарылганы жана/же аткарылбаганы жөнүндө белги коюлат ана тиешелүү жазуу жүргүзүлөт.

Аналитикалык кат сунушталган форматка ылайык тариздelet (*3-тиркемени караңыз*).

**Көңүл буруңуз!** Аналитикалык кат жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттерди, чараларды жана иш-чараларды пландоо жана аткаруу үчүн жооптуу бардык субъекттерге расмий түрдө берилет.

**9. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча маселе жергиликтүү программаларда жана иш-чаралар пландарында бар болгонун аныктап, аларды ЖӨБдүн аткаруу органдары иш жүзүндө кантип аткарып жатканын баалоо үчүн талдоо аспабы**

**3-таблица (бош графа)**

| 2. ЧУАнын/программанын/пландын аталышы | 3. Ишке ашырылышы үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдары жооптуу болгон чаралардын тизмеги | 3. Милдеттер/чаралар жергиликтүү программада жана планда болгону жана кошулганы тууралуу маалымат | 4. Бул чаранын иш жүзүндө аткарылганы тууралуу маалымат жана аны тастыктаган документтерге шилтемелер | 5. Аткарылган иш-чаралар боюнча сандык көрсөткүчтөр | 6. Аткарылбай калганынын себептери |
|---|---|---|---|---|---|
| **Түшүндүрмө** – 1-тилкеде мыйзамдардын аталыштары көрсөтүлөт | **Түшүндүрмө** – 2-тилкеде улуттук мыйзамдарда бекитилген ченемдер (милдеттер жана чаралар) көрсөтүлгөн | **Түшүндүрмө** – 3-тилкеде ар бир бош графада төмөнкүлөрдү көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек:<br>1) программаларды жана/же пландарды бекитүү боюнча документтин (буйруктун/тескеменин/токтомдун) № жана аталышын;<br>а) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга жана бөгөт коюуга толугу менен багытталганын;<br>б) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу | **Түшүндүрмө** – 4-тилкеде ар бир бош графада төмөнкүлөрдү көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек:<br>1) иш жүзүндө аткарылган милдеттердин жана чаралардын тизмесин;<br>2) пландалган милдеттердин жана чаралардын аткарылган фактысын тастыктаган отчетторду, протоколдорду | **Түшүндүрмө** – 5-тилкеде ар бир бош графада төмөнкүлөрдү көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек:<br>1) өткөрүлгөн иш-чаралардын саны;<br>2) өткөрүлгөн иш-чаралардын катышуучуларынын саны, алардын ичинен эркектердин, аялдардын, балдардын, жергиликтүү комитеттин мүчөлөрүнүн, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, | **Түшүндүрмө** – 6-тилкеде ар бир бош графада кандайдыр бир милдет же чара аткарылбай калса, конкреттүү себептерди көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | боюнча милдеттер жана чаралар киргизилгенин;<br>2) жергиликтүү бюджетте ушул чараларды аткарууга багытталган жана/же бөлүнгөн каражаттардын беренесин жана суммасын. | жана башка документтерди;<br>3) пландалган милдеттерди жана чараларды аткарууга жергиликтүү бюджеттен иш жүзүндөгү чыгымдар жөнүндө отчетторду. | медицина кызматкерлеринин, аксакалдар сотунун, аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн санын;<br>3) социалдык жана башка жардам алган адамдардын/үй-бүлөлөрдүн санын, алардын ичинен: аялдардын, эркектердин, улгайган адамдардын, балдардын, майыптыгы бар адамдардын ж.б. санын;<br>4) юристтин жана психологдун консультациясын алган адамдардын санын;<br>башка сандык маалыматтарды. | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**<br>***27-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелер***<br>22) Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу.<br>**2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**<br>***19-берене.*** *Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары.* | 1) калкты социалдык тейлөөнүн негиздери жөнүндө мыйзамдарга ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурат; | | | | |
| | 2) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгат жана ишке ашырат, жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу социалдык кызматтарды түзөт; | | | | |
| | 3) кабыл алынган программалардын натыйжалуулугуна жана майнаптуулугуна мониторингди жана баа берүүнү жүзөгө ашырат; | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 4) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү программаларды ишке ашыруу үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат; | | | | |
| | 5) өзүнүн аймагында үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды эсепке алууну жүргүзөт; | | | | |
| | 6) жергиликтүү деңгээлде социалдык органдарды - үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү аркылуу, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерди ведомстволор аралык координациялоого жана алардын өз ара аракеттенүүсүнө көмөк көрсөтөт; | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 7) үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо кооптуулугу бар экендиги жөнүндө ички иштер органдарына маалымдайт; | | | | |
| | 8) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлеринин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча квалификациясын жогорулатуу боюнча программаларга катышат; | | | | |
| | 9) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды өздөрүнүн сайттарына жарыялайт. | | | | |
| **1. ЧУАнын/программанын/пландын аталышы** | **2. Ишке ашырылышы үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдары жооптуу болгон чаралардын тизмеги** | **3. Милдеттер/чаралар жергиликтүү программада жана планда болгону жана кошулганы тууралуу маалымат** | **4. Бул чаранын иш жүзүндө аткарылганы тууралуу маалымат жана аны тастыктаган документтерге шилтемелер** | **5. Аткарылган иш-чаралар боюнча сандык көрсөткүчтөр** | **6. Аткарылбай калганынын себептери** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Түшүндүрмө** – 1-тилкеде эл аралык программалардын аталыштары көрсөтүлөт | **Түшүндүрмө** – 2-тилкеде эл аралык программаларда бекитилген көрсөткүчтөр болот | **Түшүндүрмө** – 3-тилкеде ар бир бош графада төмөнкүлөрдү көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек: *Жергиликтүү деңгээлде бекитилген жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча статистикалык маалыматтарды чогултууну жөнгө салуучу документтердин № жана аталыштарын.* | **Түшүндүрмө** – 4-тилкеде ар бир бош графада төмөнкүлөрдү көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек: *Статистикалык маалыматтарды чогултуу жана талдоо боюнча иш жүзүндө аткарылган иштин сүрөттөлүшүн.* *Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага бөгөт коюу боюнча статистикалык маалыматтарды чогултуу жана талдоо фактысын тастыктаган отчетторду, маалыматтар базасын жана башка колдо болгон документтерди.* | **Түшүндүрмө** – 5-тилкеде ар бир бош графада төмөнкүлөрдү көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек: *Статистикалык маалыматтар: үй-бүлөлүк зомбулук учурларынын санын, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандардын кайрылууларынын санын ж.б. Алардын ичинен аялдардын, эркектердин, улгайган адамдардын, балдардын, майыптыгы бар адамдардын ж.б. санын.* | **Түшүндүрмө** *– эгер статистика жүргүзүлбөсө, бул жерде сиз конкреттүү себептерин көрсөтөсүз.* |
| **Туруктуу өнүгүү жаатындагы 16-максат (ТӨМ):** | ***16.1-көрсөткүч***. Зордук-зомбулуктун бардык түрлөрүнүн | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | таралышын кескин кыскартуу жана дүйнө жүзү боюнча бул көрүнүштөн өлүмдүн деңгээлин азайтуу;<br>***16.3-көрсөткүч***. Улуттук жана эл аралык деңгээлдерде укуктун үстөмдүгүнө көмөктөшүү жана бардыгына сот адилеттигине бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу. | | | | |
| **1. ЧУАнын/программанын/пландын аталышы** | **2. Ишке ашырылышы үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдары жооптуу болгон чаралардын тизмеги** | **3. Милдеттер/чаралар жергиликтүү программада жана планда <u>болгону жана кошулганы</u> тууралуу маалымат** | **4. Бул чаранын <u>иш жүзүндө аткарылганы</u> тууралуу маалымат жана аны тастыктаган документтерге шилтемелер** | **5. <u>Аткарылган</u> иш-чаралар боюнча сандык көрсөткүчтөр** | **6. <u>Аткарылбай калганынын</u> себептери** |
| ***Түшүндүрмө*** *– 1-тилкеде улуттук программалардын аталыштары көрсөтүлөт* | ***Түшүндүрмө*** *– 2-тилкеде улуттук программаларда бекитилген көрсөткүчтөр берилген* | ***Түшүндүрмө*** *– 3-тилкеде ар бир бош графада төмөнкүлөрдү көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек:*<br>*1) программаны бекитүү тууралуу документтин (буйруктун/тескеменин/ токтомдун) № жана аталышын;* | ***Түшүндүрмө*** *– 4-тилкеде ар бир бош графада төмөнкүлөрдү көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек:*<br>*1) иш жүзүндө аткарылган милдеттердин жана* | ***Түшүндүрмө*** *– 5-тилкеде ар бир бош графада төмөнкүлөрдү көрсөтүп, толтуруп чыгыш керек:*<br>*1) өткөрүлгөн иш-чаралардын санын;*<br>*2) өткөрүлгөн иш-чаралардын* | ***Түшүндүрмө*** *– эгер кайсы бир милдет же чара аткарылбай калса, бул жерде сиз конкреттүү себептерин көрсөтөсүз* |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | *а) Улуттук иш-аракеттер планын ишке ашырууга толугу менен багытталганын;*<br>*б) Улуттук иш-аракеттер планын ишке ашыруу боюнча милдеттер жана чаралар киргизилгенин;*<br>*2) Улуттук иш-аракеттер планын ишке ашырууга багытталган жана/же бөлүнгөн каражаттардын беренесин жана суммасын.* | *чаралардын тизмесин;*<br>*2) пландалган милдеттердин жана чаралардын аткарылган фактысын тастыктаган отчетторду, протоколдорду жана башка документтерди.*<br>*3) пландалган милдеттерди жана иш-чараларды аткаруу үчүн жергиликтүү бюджеттеги иш жүзүндөгү чыгымдар жөнүндө отчетторду.* | *катышуучуларынын санын, алардын ичинен эркектердин, аялдардын, балдардын, жергиликтүү комитеттин мүчөлөрүнүн, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, медицина кызматкерлеринин, аксакалдар сотунун, аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн санын;*<br>*Башка сандык маалыматтарды.* | |
| 2022-жылдын 16-сентябрындагы №513 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясы, 2022-2024-жылдарга | 25.7. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдар үчүн кризистик борборлордун ишин жыл сайын колдоону | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Улуттук иш-аракеттер планы менен бекемделген.<br><br>Артыкчылыктуу багыт: ***Гендердик басмырлоодон коргоону күчөтүү жана адилеттүү сот адилеттиги.***<br><br>*8-максат. Гендердик басмырлоо жана гендердик зомбулук болгон учурларда аныктоонун, чара көрүүнүн жана алдын алуунун гендердик-сезгич системасын түзүү* | жүзөгө ашыруу жана мамлекеттик кризистик борборлорду түзүү<br><br>25.13. Жарандык коомдун, анын ичинде гендердик теңчилик чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү боюнча аялдар кеңештеринин өкүлдөрүнүн потенциалын жогорулатуу жана гендердик зомбулуктун алдын алууга алардын катышуусун активдештирүү<br><br>26.2. Мамлекеттик органдар жана ЖӨБО үчүн көрсөтүлүүчү кызматтардын жана жардамдын сапатын жана баалоо критерийлеринин системасын иштеп чыгуу жана киргизүү<br><br>28.4. Зомбулукка кабылгандардын тажрыйбасын кошо алганда, стандарттуу операциялык жол-жоболорго негизделген гендердик | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | басмырлоонун жана гендердик зомбулуктун курмандыктарын аныктоо, чара көрүү жана кызматтарды жана жардам көрсөтүү боюнча субъекттердин өкүлдөрүн окутуу<br>30.7. Тиешелүү гендердик атайын чараларды иштеп чыгуу жана Аксакалдар соттору жөнүндө мыйзамдарга киргизүү аркылуу аксакалдар сотторунун курамында аялдардын өкүлчүлүгүн жогорулатуу<br>30.8. Аксакалдар сотторунун гендердик сезгичтигин жогорулатуу | | | | |

## 10. Тиркемелер

### 1-тиркеме. Баалоонун жана баалоодон кийинки иштердин (көзөмөлдүн) усулдары

ЖӨБ органдары өз алдынча колдоно ала турган изилдөөлөрдү жана баалоону жүргүзүүнүн ар кандай ыкмалары бар, алардын тизмеси чектелген эмес.

Ушул Колдонмонун алкагында төмөнкү усулдарды колдонуу сунушталат: кабинеттик талдоо, жолугушуулар, маектешүүлөр, баарлашуу, сурамжылоо, анкета толтуруу, тегерек столдор, айылдык чогулуштар ж.б. Усулдардын тизмеси дагы кеңейтилсе болот.

**1. Депутаттык суроо-талап**. Жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин депутаты же жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин туруктуу комиссиясы депутаттык суроо-талапты пайдалануу укугун колдоно алат жана документтерди баалоо үчүн зарыл маалыматтарды, документтерди жана материалдарды сурай алат.

Депутаттык суроо-талап аркылуу ЖӨБдүн аткаруучу органдарынан сиздин айыл өкмөтүңүздө кабыл алынган бардык актуалдуу программалык документтерди алууга болот. Ал документтер: аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин иш планы, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жана КР мыйзамдарында белгиленген мамлекет берген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн айыл өкмөтүнүн иш планы, жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБОнун биргелешкен иш-аракеттер планы, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттер жана чаралар камтылган башка бекитилген программалар жана пландар.

**2. Кабинеттик талдоо –** маалыматтын экинчи булактары менен таанышып, талдоо үчүн: аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин иш пландарын, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечип, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мамлекет тарабынан берилген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн айыл өкмөтүнүн иш планын, жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБОнун биргелешкен иш-аракеттер планын, ЖӨБОнун программаларды жана пландарды ишке ашыруу боюнча отчетторун, башка аналитикалык отчетторду, расмий статистиканы, басылып чыккан макалаларды ж. б.

Кабинеттик талдоо төмөнкүлөрдү талдап чыгууга мүмкүндүк берет:

- ЖӨБОнун деңгээлинде иштелип чыккан жана бекитилген стратегиялык документтерде үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун алдын алуу боюнча милдеттердин жана чаралардын эсепке алынышын;
- ЖӨБО деңгээлинде стратегиялык документтерге киргизилген үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун алдын алуу боюнча милдеттердин жана чаралардын аткарылышын.

Бардык тиешелүү ЧУАларды жана отчетторду Жумушчу топтун жазуу жүзүндөгү суроо-талабынын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы берет.

Чаралардын бар болгонуна жана аткарылганына кабинеттик талдоо жүргүзүү үчүн таанышып чыгып, талдоо үчүн зарыл болгон документтерди тиешелүү органдардан, уюмдардан жана түзүмдөрдөн суратып алыш керек. Төмөндө сунушталган документтердин болжолдуу тизмеси келтирилди, ал аймактын өзгөчөлүктөрүнө жана изилденип жаткан маселеге жараша кыскартылып же көбөйтүлүшү мүмкүн:

1. Шаарды/айылдык аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн бекитилген программасы;
2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттин планы жана отчеттору, статистикасы;
3. Аксакалдар сотунун планы жана отчеттору, статистикасы;

4. Аялдар кеңешинин планы жана отчеттору, статистикасы;
5. Айыл өкмөт башчынын планы жана отчеттору, статистикасы;
6. Жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын иш планы жана отчету;
7. Ички иштер органдарынын үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча статистикалык маалыматтары;
8. Коомдук профилактика борборунун планы жана отчеттору, статистикасы;
9. ЫЖКнын планы жана отчеттору, статистикасы жана таанышып чыгып, талдоо үчүн зарыл болгон башка маалыматтар.

**3. Маектешүү** – үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу маселелерин жергиликтүү стратегиялык документтерге киргизүүгө жана аларды аткарууга түздөн-түз тиешеси бар жооптуу/кызыкдар тараптардын өкүлдөрү менен маектешүү. Бул айыл өкмөтүнүн жооптуу кызматкерлери жана жергиликтүү кеңештердин айрым депутаттары болушу мүмкүн.

Маектешүү жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун алдын алуу боюнча ЖӨБОнун функциялары жана милдеттери жөнүндө жооптуу адамдардын маалымдуулугунун деңгээлин аныктоого, жергиликтүү стратегиялык документтерге киргизилген милдеттердин жана чаралардын ишке ашырылышы боюнча маалыматтарды алууга, ошондой эле чаралардын аткарылбай калышынын себептерин аныктоого мүмкүндүк берет.

**4. Сурамжылоо –** бул тигил же бул маселелер боюнча жамааттын пикирин билүү ыкмасы. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча колдонуудагы эрежелерге, жол-жоболорго ж.б. өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.

Сурамжылоолорду үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун алдын алуу боюнча милдеттерди ишке ашырууда ЖӨБОнун аракеттерине жергиликтүү жамаат кандай баа берип жатканын билүү максатында өткөрсө болот. Мындай сурамжылоолорду катышуучулардын саны көп болгон “Вотсаптагы” тайпалар жана Телеграм топтор аркылуу жүргүзсө болот.

**5. Тегерек столдор –** коомдук талкуунун же кандайдыр бир маселелерди чагылдыруунун формасы, мында катышуучулар белгиленген бир тартипте сүйлөйт; бул кеңешме, мында тең укуктагы катышуучулар кайсы бир маселени талкуулайт.

Тегерек столдор жооптуу жана кызыкдар тараптардын тар чөйрөсү үчүн мониторинг жана баалоонун баштапкы жыйынтыктарын чагылдырып, сунуштамаларды талкуулоо максатында өткөрүлүшү мүмкүн. Тегерек столдун катышуучулары: айыл өкмөтүнүн башчысы/мэр, айыл өкмөтүнүн башчысынын/мэрдин орун басары, айыл өкмөтүнүн/мэриянын кызматкерлери, айылдык/шаардык кеңештердин депутаттары, ички иштер органдарынын кызматкерлери, социалдык өнүктүрүү органдарынын кызматкерлери, саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлери, окуу жайлардын кызматкерлери, юстиция органдарынын, акысыз юридикалык жардам борборлорунун өкүлдөрү, адвокатуранын өкүлдөрү, кварталдык, үй комитеттеринин төрагалары же мүчөлөрү, коомдук уюмдардын өкүлдөрү, формалдуу эмес бирикмелердин (аялдар, жаштар ж. б. кеңештердин) өкүлдөрү, жергиликтүү активисттер болушу мүмкүн.

**6. Айылдык чогулуштар** – калктын өз эркин билдирүүсүнүн, түз демократиянын бир түрү, анын жардамы менен жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу укугун жүзөгө ашырышат, өз кызыкчылыктарына, тарыхый жана башка жергиликтүү салттарына жараша жергиликтүү маанидеги маселелерди чечишет.

Айылдык чогулуштарды мониторинг жана баалоонун жыйынтыктарын кеңири чагылдыруу, сунуштамаларды презентациялоо жана кабыл алынышы мүмкүн болгон чечимдерди, мындан аркы аракеттерди макулдашуу максатында өткөрсө болот. Айылдык чогулуштардын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү стратегиялык документтердеги үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун алдын алуу бөлүгүнө өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши керек.

**2-тиркеме. Баарлашуу жана маектешүү үчүн респонденттердин сунушталган тизмеси**

Процесстин ачык-айкындуулугун камсыз кылып, калыс маалыматты чогултуу үчүн төмөнкү адамдардын арасында сурамжылоо жүргүзүү сунушталат[3]:

- жергиликтүү (шаардык, айылдык) кеңештердин депутаттары;
- туруктуу (убактылуу) комиссиялардын депутаттары;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы, анын орун басары;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тиешелүү адистери;
- тышкы эксперттер, бул жаатта иш тажрыйбасы бар КЭУлардын өкүлдөрү;
- калктын аярлуу топторунун, биринчи кезекте, үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыркагандардын, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын (ДМЧА) укуктарын коргогон коомдук уюмдардын өкүлдөрү.

**3-тиркеме. Аналитикалык каттын форматы**

**___________________________________ муниципалитетинде (шаарында, айыл өкмөтүндө)** ***(аталышы)***

**жергиликтүү программаларга жана пландарга үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын киргизилиши, ЖӨБОнун аларды талаптагыдай аткарып жатканы боюнча контролдоонун (баалоонун жана баалоодон кийинки иштердин) жыйынтыктары боюнча**

**АНАЛИТИКАЛЫК КАТ**

Контролдоону жана баалоону жүргүзүү мезгили/күнү:

Өткөрүлгөн жери/аймагы (райондун, облустун аталышы):

Баалоону жана баалоодон кийинки иштерди жүргүзгөн депутаттын/депутаттардын аты-жөнү:

Айыл өкмөтүнүн туруктуу комиссиясынын аталышы:

**1-бөлүм. БАР БОЛГОНУ *(үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча жазылган милдеттердин, чаралардын жана иш-чаралардын жергиликтүү программаларда жана пландарда бар же жок болгон фактыны такташ керек)***

1.1. **АНЫКТАЛГАН ФАКТЫЛАР**: *(Бул бөлүмдө изилденген жергиликтүү пландардын негизинде жергиликтүү программаларда жана пландарда иш-чаралар, милдеттер бар болгону аныкталат. Эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча жергиликтүү комитеттердин/комиссиялардын иш планында тигил же бул милдеттер жана иш-чаралар бекитилген болсо, аларды бул жерге оң факт катары жазуу керек. Эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча милдеттер жана иш-чаралар жергиликтүү пландарда камтылбаса, анда бул жерде терс факт катары да көрсөтүлүшү керек. Бул бөлүмдү толтуруу үчүн эл аралык жана улуттук программалар, жергиликтүү пландар менен таанышып чыгып, аларга талдоо жүргүзүп, пикирди калыптандыруу зарыл. Баарлашууларды жана сурамжылоолорду өткөрүүнүн кажети жок. Талдоодо 2-*

[3] Тизме толук эмес, кеңейтилип, толукталышы мүмкүн.

*таблицанын 3-тилкесиндеги "Светофордогу" жашыл, сары, кызыл зоналарга/түстөргө көңүл буруп, санап чыгабыз.)*

**1.2. ТЫЯНАКТАР:** *(Бул бөлүмдө жергиликтүү планда, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча жергиликтүү комитеттердин/коомдук комиссиялардын иш планында мыйзамдардын талаптарына ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча милдеттердин жана чаралардын, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча улуттук жана жергиликтүү программалардын болушуна баа берилет. Улуттук жана жергиликтүү пландарга милдеттердин жана иш-чаралардын канча саны жана пайызы бекитилгени, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча жергиликтүү комитеттин/комиссиянын иш планында канчасы чагылдырылганы көрсөтүлөт. Жасалган талдоодон жана баалоодон кийин сизге белгилүү жана түшүнүктүү болуп калган кырдаал сизди баалоочу жана депутат катары канааттандырабы? Өзгөчө көңүл 2-таблицанын 3-тилкесиндеги "Светофордун" сары жана кызыл зоналарына/түстөрүнө бурулат.)*

**1.3. СУНУШТАМАЛАР:** *(Бул бөлүмчөдө жергиликтүү пландарга, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча жергиликтүү комитеттердин/коомдук комиссиялардын иш пландарына тигил же бул милдеттерди, чараларды, көрсөткүчтөрдү киргизүү боюнча так сунуштамалар берилет, мында кемчиликтерди четтетүү жана сунуштарды аткаруу үчүн жооптуу органдар жана адамдар сөзсүз түрдө көрсөтүлөт, так мөөнөттөр (күнү, айы, жылы) белгиленет. Өзгөчө көңүл 2-таблицанын 3-тилкесиндеги "Светофордун" сары жана кызыл зоналарына/түстөрүнө бурулат.)*

***2-бөлүм. АТКАРЫЛЫШЫ (үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин жана иш-чаралардын жергиликтүү программаларда жана пландарда аткарылган же аткарылбай калган фактысын такташ керек)***

**2.1. АНЫКТАЛГАН ФАКТЫЛАР:** *(Бул бөлүмчөдө жергиликтүү программаларда жана пландарда жазуу жүзүндө бекитилген милдеттерди жана чараларды аткаруу фактысы белгиленет. Прогресс, динамика, регресс байкоого алынып, аларга баа берилет. Милдеттерди жана чараларды аткаруу же аткарбоо фактысын далилдеген документтерди суратып алып, респонденттер менен жолугушууларды, баарлашууларды жүргүзүү зарыл. Сурамжылоого катышкан респонденттердин, мисалы, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча жергиликтүү комитеттердин/коомдук комиссиялардын мүчөлөрүнүн, бийлик органдарынын жооптуу кызматкерлеринин, кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын жана калктын айткан сөздөрү жазылат. Бул бөлүмдү толтуруу үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча жергиликтүү комитеттердин/коомдук комиссиялардын пландарын аткаруу боюнча жооптуу органдардын, адамдардын, уюмдардын отчетторун менен таанышып чыгыш керек. Ошондой эле жооптуу адамдар, жооптуу деп бекитилгендер менен баарлашуу зарыл. Өзгөчө көңүл 2-таблицанын 4-5-тилкелериндеги "Светофордун" сары жана кызыл зоналарына/түстөрүнө бурулат.)*

**2.2. ТЫЯНАКТАР:** *(Бул бөлүмчөдө жергиликтүү планда жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча жергиликтүү комитеттердин/коомдук комиссиялардын иш планында бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча милдеттердин жана чаралардын* <u>*аткарылган*</u> *даражасына жана ыргагына баа берилет. Жергиликтүү пландарда жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча жергиликтүү комитеттин/комиссиянын иш планында бекитилип, аткарылган милдеттердин жана иш-чаралардын санын жана пайызын эсептеп чыгыш керек. Өзүңүздүн расмий позицияңызды аныктап, "баалоочу жана депутат катары иштин абалы, ыргагы, жыйынтыгы канааттандырдыбы? Жергиликтүү комитеттин/коомдук комиссиянын иши үй-бүлөлүк зомбулук кырдаалына канчалык оң таасирин тийгизди?" өңдүү суроолорго чын ниетиңиз менен жооп беришиңиз керек. Өзгөчө көңүл 2-таблицанын 4-5-тилкелериндеги "Светофордун" сары жана кызыл зоналарына/түстөрүнө бурулат.)*

**СУНУШТАМАЛАР:** *(Бул бөлүмчөдө жооптуу ЖӨБОнун, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча жергиликтүү комиссиянын ишин активдештирүү жана ишин күчөтүү боюнча так сунуштамалар берилет, мында кемчиликтерди четтетүү жана сунуштарды аткаруу үчүн жооптуу органдар жана адамдар аты-жөнү менен көрсөтүлөт, так мөөнөттөр (күнү, айы, жылы) белгиленет. Өзгөчө көңүл 2-таблицанын 4-5-тилкелериндеги "Светофордун" сары жана кызыл зоналарына/түстөрүнө бурулат.)*

## 3-бөлүм. ИЙГИЛИКТҮҮ ИШКЕ АШКАНЫНА ЖАНА АТКАРЫЛГАНЫНА ӨБӨЛГӨ БОЛГОН ФАКТОРЛОР *(ийгиликке өбөлгө болгон факторлорду аныктап чыгуу зарыл).*

**3.1. НЕГИЗГИ ТАБЫЛГАЛАР***: (Бул бөлүмдө үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кырдаалды оң жагына өзгөртүүгө, жергиликтүү программаларда жана пландарда белгиленген милдеттерди жана чараларды аткаруунун ийгилигине алып келген жана өбөлгө түзгөн факторлор баяндалат. Өзгөчө көңүл 2-таблицанын 3-4-тилкелериндеги "Светофордун" жашыл зонасына/түсүнө бурулат, ошондой эле өзөктүк адамдар менен маектешүүлөрдүн жыйынтыктарына бурулат.)*

**3.2. ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР***: (Бул бөлүмдө позитивдүү динамиканы улантуу боюнча ЖӨБО, жергиликтүү комитеттер/коомдук комиссиялар үчүн кыскача тыянактар жана сунуштамалар берилип, жооптуу органдар жана ишти ийгиликтүү аткарган адамдардын аты-жөнү көрсөтүлөт. Өзгөчө көңүл 2-таблицанын 3-4-тилкелериндеги "Светофордун" жашыл зонасына/түсүнө бурулат, ошондой эле өзөктүк адамдар менен маектешүүлөрдүн жыйынтыктарына бурулат.)*

## 4-бөлүм. АТКАРЫЛБАЙ КАЛГАНЫНЫН СЕБЕПТЕРИ *(ийгиликке жетпей калууга эмнелер себеп болгонун жазыш керек)*.

**4.1. НЕГИЗГИ ФАКТЫЛАР**: *(Бул бөлүмдө жергиликтүү деңгээлдеги үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча жергиликтүү программаларда жана пландарда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча милдеттердин жана чаралардын аткарылбай калышынын себептери баяндалат. Өзгөчө көңүл 2-таблицанын 5-тилкесиндеги "Светофордун" кызыл зонасына/түсүнө, ошондой эле өзөктүк адамдардын маектешүүсүнүн жыйынтыктарына бурулат.)*

______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

**4.2. ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР:** *(Бул бөлүмчөдө ЖӨБО, жергиликтүү комитеттер/коомдук комиссиялар үчүн ишти күчөтүү жана активдештирүү боюнча кыскача тыянактар жана сунуштамалар берилет, мында кемчиликтерди четтетүү жана сунуштарды аткаруу үчүн жооптуу органдар жана адамдар аты-жөнү менен көрсөтүлөт, так мөөнөттөр (күнү, айы, жылы) белгиленет. Өзгөчө көңүл 2-таблицанын 4-5-тилкелериндеги "Светофордун" сары жана кызыл зоналарына/түстөрүнө бурулат.)*

______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

## 5-бөлүм. КОРУТУНДУ ӨЗГӨЧӨ МААНИЛҮҮ СУНУШТАМАЛАР

*Бул бөлүмдө чукул убакыттын ичинде чечүүнү жана жооп кайтарууну талап кылган өзгөчө курч сунуштамалар жазылат. Өзгөчө көңүл **3-таблицанын (бош графа)** 3, 4, 5-тилкелериндеги "Светофордун" сары жана кызыл зоналарына/түстөрүнө бурулат.*

1. ______________________________________________________________
2. ______________________________________________________________
3. ______________________________________________________________

## 6-бөлүм. ТИРКЕМЕЛЕР

*Бул бөлүмдө изилденип, талданып чыккан, тыянактар менен сунуштамалардын өзөгүн түзгөн документтердин тизмеси тиркелет.*

6.1. Талданган документтердин, пландардын жана отчеттордун тизмеси ж.б.
6.2. Жолугушуулардын, дискуссиялардын катышуучуларынын тизмеси
6.3. Сүрөттөр
6.4. жана башка тастыктоочу далилдер

## 7-бөлүм. БААЛООДОН КИЙИНКИ ИШТЕР

*Бул бөлүм БААЛООДОН КИЙИНКИ баскычта толтурулат. Бул бөлүм аткаруу маалындагы прогресске же регресске баа берет, БААЛООНУН 1-этабында берилген сунуштамалардын аткарылганы жана/же аткарылбаганы жөнүндө белги коюлат ана тиешелүү жазуу жүргүзүлөт.*

1. ______________________________________________________________
2. ______________________________________________________________
3. ______________________________________________________________

4-тиркеме. 4-таблица (толтурулган, мисалдар менен)

| 1.ЧУАнын/программанын/пландын аталышы | 2. Ишке ашырылышы үчүн ЖӨБдүн аткаруу органдары жооптуу болгон чаралардын тизмеги | 3.Милдеттер/чаралар жергиликтүү программада жана планда болгону жана кошулганы тууралуу маалымат | 4. Бул чаранын иш жүзүндө аткарылганы тууралуу маалымат жана аны тастыктаган документтерге шилтемелер | 5. Аткарылган иш-чаралар боюнча сандык көрсөткүчтөр | 6. Аткарылбай калганынын себептери |
|---|---|---|---|---|---|
| **2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**<br>***27-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелер***<br>22) Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу.<br>**2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Кыргыз** | 1) калкты социалдык тейлөөнүн негиздери жөнүндө мыйзамдарга ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурат; | *Мисал:*<br>Айыл өкмөтүндө үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн юристтин жана психологдун кызмат көрсөтүүсүн уюштуруу жөнүндө буйрук/тескеме<br>Стандарттарды бекитүү жөнүндө буйрук/тескеме | *Мисал:*<br>Айыл өкмөтүндө юрист жана психологдун кызмат көрсөтүүлөрү уюштурулду.<br>Кайрылуулар менен иштөө боюнча айыл өкмөтүндө нөөмөттүк күндөр (айына 2 жолу) жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча консультациялар уюштурулду (социалдык кызматкер, психолог, юристтер).<br>Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга юридикалык, психологиялык жана башка кызматтар, ошондой эле жардам көрсөтүлдү. | *Мисал:*<br>Чараларды ишке ашырууга жергиликтүү бюджеттен иш жүзүндөгү чыгымдар жөнүндө отчет | *Мисал:*<br>Бюджетте каражат жок/тартыш<br>Бул чаранын/милдет-тин ишке ашырылышы боюнча маалымат жок |
| | 2) үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгат жана ишке ашырат, жарандарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана | *Мисал:*<br>Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча милдеттер/чаралар камтылган программалардын жана башка | *Мисал:*<br>СЭӨПга үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча милдеттер жана чаралар кошулду.<br>Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин пландары иштелип чыгып, | *Мисал:*<br>СЭӨПнын аткарылышы боюнча ЖӨБОнун жылдык отчеттору. | *Мисал:*<br>Жооптуу кызматкерлерди н билим деңгээли төмөн.<br>ж.б. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Республикасынын Мыйзамы**<br>***19-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын*** *(мэриянын, айыл өкмөтүнүн)* ***үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктары*** | коргоону жүзөгө ашыруучу социалдык кызматтарды түзөт; | ЧУАлардын тизмеси (тескемелер, токтомдор ж.б.). Аларда кошулган милдеттер жана чаралар тизмектелип берилет. | бекитилди. Жергиликтүү бюджетте үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин, анын ичинде мамсоцзаказдын алкагында коомго пайдалуу долбоорлорду ишке ашыруу үчүн каражаттар каралды. | | |
| | 3) кабыл алынган программалардын натыйжалуулугуна жана майнаптуулугуна мониторингди жана баа берүүнү жүзөгө ашырат; | • | *Мисал:*<br>Айыл өкмөтүнүн, мэриянын өкүлдөрүнүн, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын, ички иштер органдарынын, саламаттык сактоо, социалдык өнүктүрүү органдарынын өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын катышуусу менен ар бир айылда ай сайын айылдык чогулуштар өткөрүлдү. | *Мисал:*<br>Жумушчу топтордун отчеттору, ишке ашырылган программаларды баалоо боюнча айылдык чогулуштардын протоколдору. | • |
| | 4) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү программаларды ишке ашыруу үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат; | • | *Мисал:*<br>Төмөнкүлөргө түздөн-түз же жергиликтүү коомдук уюмдар аркылуу гранттык каражаттарды тартуу:<br>- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн кризистик борборлорду уюштурууга;<br>- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар убактылуу жашай алышы үчүн фостердик үй-бүлөлөрдү уюштуруу программасына; | • | • |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | - айыл өкмөтүндө туруктуу негизде иштей турган юристтин жана психологдун кызмат көрсөтүүлөрүн уюштурууга;<br>- бардык маалыматтык каналдар (интернет, социалдык тармактар, ТВ, радио, мектептер, ЖОЖдор, мамлекеттик органдар, жеке сектор) аркылуу үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча масштабдуу маалыматтык өнөктүктөрдү өткөрүүгө; | | |
| | 5) өзүнүн аймагында үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды эсепке алууну жүргүзөт; | • | <u>*Мисал:*</u><br>Бекитилген графикке ылайык, үймө-үй кыдырып чыгып, мамилелери кризиске кептелген үй-бүлөлөр аныкталды.<br>“Үй-бүлөлүк мамилелерде укук бузууларга жол бергендер” категориясы боюнча каттоодо турган үй-бүлөлөрдү кыдырып чыгышты.<br>Көзөмөлгө алынган субъекттерге байкоо салуу жана үй-бүлөдөгү кризистик кырдаалдарды жеңүү боюнча шарттарды түзүү үчүн райондук өнүктүрүү башкармалыктарында каттоого коюлган үй-бүлөлөр менен иштөө пландары даярдалып, ишке ашырылып жатат. | • | • |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 6) жергиликтүү деңгээлде социалдык органдарды - үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү аркылуу, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерди ведомстволор аралык координациялоого жана алардын өз ара аракеттенүүсүнө көмөк көрсөтөт; | *Мисал:*<br>Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү жөнүндө тескеме. | *Мисал:*<br>Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү боюнча айыл өкмөтүнүн жана мэриянын иши, тургундардын чогулушу уюштурулду, жергиликтүү комитеттердин мүчөлөрү бекитилди.<br>Үй-бүлөлүк зомбулуктун аныкталган учурларындагы айырмачылыктардын себептерине (үй-бүлөлүк зомбулук учурларында катталган жоруктарга) жана берилген коргоо ордерлеринин санына талдоо жүргүзүлдү жана аларды четтетүү үчүн чаралар көрүлдү.<br>Ички иштер органдары, социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо жана билим берүү органдары менен биргеликте графикти бекитип, үймө-үй кыдырып чыгып, мамилелери кризиске кептелген үй-бүлөлөр аныкталды. | *Мисал:*<br>Жергиликтүү комитеттердин пландары жана отчеттору | • |
| | 7) үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо кооптуулугу бар экендиги жөнүндө ички иштер органдарына маалымдайт; | • | *Мисал:*<br>Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган (анын ичинде коргоо ордерин алган жана "үй-бүлөлүк мамилелерде укук бузууларга жол берген адамдар" катары каттоодо турган) адамдар менен | • | • |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | ички иштер органдарынын, социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо жана билим берүү органдарынын өкүлдөрү ай сайын сүйлөшүп турушат. | | |
| | 8) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлеринин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча квалификациясын жогорулатуу боюнча программаларга катышат; | • | *Мисал:*<br>Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, мектепке чейинки жана билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлери, социалдык өнүктүрүү кызматкерлери, аксакалдар сотторунун мүчөлөрү, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин мүчөлөрү үчүн үй-бүлөлүк зомбулук учурларын аныктоо, чара көрүү жана алдын алуу боюнча окуулар өткөрүлдү. | • | • |
| | 9) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды өздөрүнүн сайттарына жарыялайт. | • | *Мисал:*<br>ЖМК, социалдык тармактар аркылуу, мектептерде ж.б. маалымат өнөктүгү өткөрүлдү.<br>Төмөнкүлөр тууралуу маалыматтык материалдар ЖӨБОдо жайгаштырылды:<br>а) аялдарга, балдарга, үй-бүлөлөргө, коомго үй-бүлөлүк зомбулуктун көйгөйлөрү жана кесепеттери жөнүндө; б) үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн Жоруктар жөнүндө | • | • |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | кодексте, Кылмыш-жаза кодексинде, “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” КР Мыйзамында каралган жоопкерчилик жөнүндө; в) арыз менен кайрылуунун мүмкүнчүлүктөрү, субъекттердин (ЖӨБО, ИИБ, саламаттык сактоо мекемелери, социалдык өнүктүрүү органдары, юстиция, адвокатура органдарынын мекемелери, кризистик борборлор, укук коргоочу өкмөттүк эмес уюмдар жана ишеним телефондору ж. б.) кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө. | | |
| **Туруктуу өнүгүү жаатындагы 16-максат (ТӨМ)** | ***16.1-көрсөткүч***. Зордук-зомбулуктун бардык түрлөрүнүн таралышын кескин кыскартуу жана дүйнө жүзү боюнча бул көрүнүштөн өлүмдүн деңгээлин азайтуу;<br><br>***16.3-көрсөткүч***. Улуттук жана эл аралык деңгээлдерде укуктун үстөмдүгүнө көмөктөшүү жана бардыгына сот адилеттигине бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу. | • | Үй-бүлөлүк зомбулуктун фактылары бардык деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык кызматкерлери тарабынан документтештирилип турат.<br><br>Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча статистиканы ушул чараны ишке ашырганга чейин жана андан кийин салыштырыңыз. | • | • |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **2022-жылдын 16-сентябрындагы №513 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясы, 2022-2024-жылдарга Улуттук иш-аракеттер планы менен бекемделген**<br><br>Артыкчылыктуу багыт: ***Гендердик басмырлоодон коргоону күчөтүү жана адилеттүү сот адилеттиги.***<br><br>***8-максат****. Гендердик басмырлоо жана гендердик зомбулук болгон учурларда аныктоонун, чара көрүүнүн жана алдын алуунун гендердик-сезгич системасын түзүү* | 25.7. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдар үчүн кризистик борборлордун ишин жыл сайын колдоону жүзөгө ашыруу жана мамлекеттик кризистик борборлорду түзүү. | • | *Мисал:*<br>Муниципалдык кризистик борборлорду уюштурууга же фостердик үй-бүлөлөрдү уюштурууга мамлекеттик социалдык заказдын алкагында каражаттарды бөлүүгө жергиликтүү бюджетте акча каралды.<br>Айылдык аймакта зомбулуктан жабыр тарткандар үчүн кризистик борбор же фостердик үй-бүлөлөр уюштурулду. | • | • |
| | 25.13. Жарандык коомдун, анын ичинде гендердик теңчилик чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү боюнча аялдар кеңештеринин өкүлдөрүнүн потенциалын жогорулатуу жана гендердик зомбулуктун алдын алууга алардын катышуусун активдештирүү | • | *Мисал:*<br>Жарандык коом уюмдары жана аялдар кеңеши үчүн аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту жоюу боюнча улуттук милдеттенмелердин аткарылышын талдоого мониторинг жүргүзүү боюнча семинарлар өткөрүлдү. | • | • |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 26.2. Мамлекеттик органдар жана ЖӨБО үчүн көрсөтүлүүчү кызматтардын жана жардамдын сапатын жана баалоо критерийлеринин системасын иштеп чыгуу жана киргизүү | • | *Мисал:*<br>Кызмат көрсөтүүнүн стандарттары иштелип чыкты жана алардын негизинде кызмат көрсөтүүнүн сапатын баалоонун критерийлери даярдалды. | • | • |
| | 28.4. Зомбулукка кабылгандардын тажрыйбасын кошо алганда, стандарттуу операциялык жол-жоболорго негизделген гендердик басмырлоо-нун жана гендердик зомбулуктун курмандыктарын аныктоо, чара көрүү жана кызматтарды жана жардам көрсөтүү боюнча субъекттердин өкүлдөрүн окутуу | • | *Мисал:*<br>Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, мектепке чейинки жана билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлери, социалдык өнүктүрүү кызматкерлери, аксакалдар сотторунун мүчөлөрү, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин мүчөлөрү үчүн үй-бүлөлүк зомбулук учурларын аныктоо, чара көрүү жана алдын алуу боюнча окуулар өткөрүлдү. | • | • |
| | 30.7. Тиешелүү гендердик атайын чараларды иштеп чыгуу жана Аксакалдар соттору жөнүндө мыйзамдарга киргизүү аркылуу аксакалдар сотторунун курамында аялдардын | • | *Мисал:*<br>Жергиликтүү кеңештердин аял депутаттары менен чогуу аксакалдар сотторуна аялдардын катышуусунун маанилүүлүгү жөнүндө калк арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Аксакалдар | • | • |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | өкүлчүлүгүн жогорулатуу | | сотунун курамында аялдардын саны көбөйдү. | | |
| | 30.8. Аксакалдар сотторунун гендердик сезгичтигин жогорулатуу | • | Аксакалдар судьялары үчүн гендердик сезгичтик боюнча тренингдер өткөрүлдү. | • | • |

## 11. Үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу жана алдын алуу чөйрөсүндө ЖӨБ органдары үчүн сунуш кылынган ченемдик актылардын, программалардын жана колдонмолордун тизмеги

1. 2021-жылдын 5-майында кабыл алынган №59 Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2. 2000-жылдын 13-январында кабыл алынган №3 "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
3. 2021-жылдын 20-октябрында кабыл алынган №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
4. 2017-жылдын 27-апрелинде кабыл алынган №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
5. 2016-жылдын 16-декабрында кабыл алынган №209 "Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө" КР Мыйзамы;
6. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-сентябрындагы №513 токтому менен бекитилген 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясы;
7. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2021-жылдын 2-февралындагы №11 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн шаарлардын жана айыл аймактардын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу боюнча Усулдук колдонмо;
8. "Жергиликтүү деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо. Жергиликтүү комитеттердин ишинин негизги стандарттары" аттуу Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер үчүн колдонмо. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2022-жылдын 9-июнундагы №79 буйругу менен жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2022-жылдын 9-июнундагы №152 буйругу менен бекитилген;
9. Айылдык кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын иш планын иштеп чыгуу боюнча усулдук колдонмо. Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин Аймактарды өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин 2021-жылдын 1-июнундагы №01-18/36 буйругу менен бекитилген;
10. Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин Аймактарды өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү кеңештин типтүү регламенти;
11. Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин Аймактарды өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин 2021-жылдын 1-июнундагы №01-18/36 буйругу менен бекитилген Айылдык кеңештин типтүү иш планы;
12. Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин Аймактарды өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин 2021-жылдын 1-июнундагы №01-18/36 буйругу менен бекитилген Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын типтүү иш планы.